9
Ү.Мураталиева: “Көрө албагандарга убактым жок”



7
Мугалимдер аттестациядан өтөт



# САРЕСЕП

8-октябрь, 2015-жыл
№21 (21)
saresep.kg
Калыс көз караш!




## Цифралар парламенттик шайлоо тууралуу эмне дейт

3-бетте



Коомубузда кедейликтин изи сууй элекпи?

6-бетте



Жеңижок поэзияда классикалык үлгү

10-бетте



2008-жылы өрттөнгөн учак дагы деле “түтөөдө”

11-бетте



Путин Сирияны мээлеп, Европаны уруда

12-бетте





## Баткенде чек ара аймагында жашаган балдар үчүн фестиваль өтөт

15-октябрь күнү Баткен шаарында "Баткен – достук калаасы" деп аталган фестиваль өтөт. Бул фестивальга Тажикстан менен чектешкен аймактарда жашаган балдар чакырылат. Бул туурасында "Роза Отунбаеванын демилгеси" фондусунун маалымат кызматы кабарлады.

"Баткен – достук калаасы" иш-чарасында фонддун буга чейинки ар улуттардын обон-ыргактарын таанытуу долбоорунун алкагындагы өткөн концерттерин мыкты номерлери кайрадан аткарылат. Андан сырткары балдар үчүн мастер-класстар өткөрүлүп, мультфильмдер көрсөтүлөт. Фестивалдын максаты – Баткен облусундагы улуттар арасындагы ынтымакты бекемдөө жана ынтымак-ырашкерликте жашоого чакыруу, ага өсүп келе жаткан муундарды багыттоо.




## "Жылдын мыкты мугалими" 9-октябрда аныкталат

КР Билим берүү жана илим министрлигинин башкы адиси Раиса Тойболотованын билдиренине карганда "Жылдын мыкты мугалими" республикалык кароо сынагында мугалим көп этаптан өтөт. Мектеп жамааты чыгаан мугалимди белгилеп, райондук деңгээлге чыгарат. Андан өткөн мугалим облустук турга катышат. Ал жактан биринчи орунга ээ болгон соң республикалык кароо сынакка чыгат.

6-октябрда жети дубандан, эки чоң шаардан чыгаан мугалимдер келишкен. "Жылдын мыкты мугалими" кароо сынагынын ичинде өзүнчө "Жылдын мыкты мугалими", "Жылдын мыкты айылдык мектеби", "Мыкты инновациялык мектеп", "Мыкты бала бакча" номинациялары бар. 7-8-октябрь күндөрү кароо сынак өткөрүлүп, 9-октябрда жыйынтыкталат.

Сынакта мугалим "Менин педагогикалык философиям" деген темада өзүн-өзү тааныштыруу сабагын өтөт. 7-8 мүнөттө ким экенин көрсөтүп, программасы менен тааныштырат. Предметтик тест болот. Андан кийинки сынак "Педагогикалык, психологиялык ситуация" деп аталат. Мектепте болгон көрүнүштөр, күтүүсүз бир учурлардан кантип чыгуу жолдорун айтат. Негизги басым сабак өтүүсүнө жасалат. Билим берүү академиясынан, жогорку окуу жайлардан, практикалык мугалимдерден турган 15 кишилие Калыстар тобу түзүлөт.

Кароо сынакка келерки жылы "Жылдын мыкты класс жетекчиси", "Жылдын мыкты социалдык педагогу" деген номинацияларды киргизүү пландарыбыз бар. Себеби класс жетекчиге көп нерсе байланыштуу болот. Окуучулар арасындагы кылмыштуулук да көбөйүп жатат. Ошол себептен мыкты класс жетекчи окуучу менен, класс менен, эң негизгиси ата-эне менен тыгыз иш алып барышы керек.


# Т.Зулпукаров: "Бардык партиялар менен сүйлөшөбүз"




5-чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаты Төрөбай Зулпукаров КСДПнын өкмөт түзүү тажрыйбасы бар болгондуктан жаңы өкмөттүн курамы маселе жаратпайт деген пикирде. Анын айтымында БШКнын расмий чечими чыкканга чейин КСДП ким менен биригерин айтуу эртелик кылат. Өкмөттү түзүү мандаты КСДПга берилип кала турган болсо, баардык партиялар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк бар. "Республика-Ата Журт" жана "Кыргызстан" саясий партиясы өз ой-пикирин айтып, КСДП менен биригүүгө болгон ниетин билдирип жатса, бул жакшы. Сүйлөшүүлөр азырынча жүрө элек. Бул процедуралардын баары биринчи сессиядан кийин, башталат. Бизде эми бул боюнча тажрыйба бар. Билесиңер коалицияны 4-5 жолу түзгөнбүз. Баардык партиялар менен сүйлөшөбүз. Келечектеги өкмөт, сүйлөшүүлөрдө белгилүү боло баштайт. Азырынча Темир Сариевдин өкмөтү калат, же өзгөрөт деп айтуу өтө кыйын. 5-чакырылышта коалиция улам улам ыдырап, өкмөт алмашып жатты. Мындан улам көздөгөн максаттарыбызга толук жете албай калдык. Ошондуктан саясий оюндар аз болуп, тезирек туруктуу өкмөт түзүлсө мамлекетибиздин экономикалык өнүгүүсүнө жакшы болоор эле. "Ата-Мекен" социалисттик партиясы менен да коалиция түзүү мүмкүн эмес деп айтуудан алысмын. Бул сүйлөшүүлөрдүн алгачкы кадамы башталганда билине турган маселе. Партиялар бири-биринин ой-пикирин жакшы түшүнүп калды. Ошондуктан бул коалицияны түзүү жеңил болсо керек деген ойдомун.

# Бишкекте 20дан ашык өлкөнүн жаш лидерлери туризмди талкуулашат

10-октябрда Бишкекте "Shape Eurasia 2015" эл аралык форуму башталат. Иш-чара "Бүткүл дүйнөлүк Экономикалык Форумдун" жаштар канаты тарабынан уюштурулуп, "Алга, көчмөндөр!" деген ураандын астында өтөт. Уюштуруучулардын "Азаттыкка" берген маалымаптында, көчмөндөр маданияты башкы тема катары тандалып алынды. 20дан ашык өлкөнүн жаш лидерлери жана бизнес өкүлдөрү Кыргызстандын туристтик мүмкүнчүлүгү жана бизнес-экономикалык деңгээли менен таанышат. Форум 11-12-октябрда Ысык-Көлдө улантылат.




# Ымыркай жарышы боюнча Баткен менен Ош алдыда



Улуттук статистикалык комитети Кыргызстандын кайсыл аймагында канча бала төрөлүп жатканы тууралуу маалыматты таратты. Маалыматтардын негизинде Sputnik агенттиги өлкөнүн "эң көп балалуу" облустардын рейтингин түзүп чыкты. бул маалыматтар төмөнкү жадыбалда чагылдырылган:

1. Ош облусу. 1000 тургунга 25 ымыркай туура келет. Башкача айтканда сегиз айда 17 миң ымыркай жарык дүйнөгө келген. Статистикалык маалыматка ылайык, аталган аймакта төрөлгөн балдардын үч пайызы гана керектүү салмактан кем төрөлгөн. Бул республика боюнча эң төмөнкү көрсөткүч.

2. Баткен облусу. 1000 кишиге 25 ымыркай туура келет. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына ылайык, үч жашка чейинки ымыркайлар керек болгон белокту эки эсе аз алышат. Ымыркайлардын салмак кошуусу аталган аймакта эң жогору. 100 ымыркайдын 12си гана өзүнүн салмагына жетпейт.

3. Жалал-Абад облусу. 1000 кишиге 21 ымыркай туура келет. Сегиз айда бул аймакта 14 миң ымыркай төрөлгөн. Бул аймактагы балдар тийиштүү көлөмдө май жана белокторду жебейт. Бирок, өз жашына салмагы туура келбегендердин саны өлкө боюнча жалпы алып караганда эки эсе аз.

4. Бишкек, Ош шаары жана Талас облусу. Бул аймактарда төрөлгөндөрдүн саны бирдей. 1000 кишиге 20 ымыркай туура келет. Статистикалык маалыматтарга ылайык, Таластагы ымыркайлар жакшы тамактанат. Себеби, керектүү салмак албай калгандардын саны аз.

5. Чүй облусу. 1000 кишиге 17 ымыркай туура келет. Бул аймакта да үч жашка чейинки балдар начар тамактанып, белок жана май жетишпейт. Андыктан 10 баланын бирөө керектүү салмак ала албайт.

6. Ысык-Көл облусу. 1000 тургунга 16 ымыркай туура келет. Ал жакта 4 миңге жетпеген ымыркай жарык дүйнөгө келген. Статистикалык маалыматтар боюнча көлдүк ымыркайлар начар тамактанышат.

7. Нарын облусу. 1000 кишиге 14 ымыркай туура келет. Облус боюнча болгону 2,5 миң ымыркай төрөлгөн. Балдардын тамактануусу боюнча бул аймак акыркы орунда турат.

# Цифралар парламенттик шайлоо тууралуу эмне дейт

СДПКга келгенде алардын каржылоосунун натыйжалуу болушун көрсөткөн каржы булактарынан сырткары башка курал жана факторлор орун алган деген божомол кылсак болот




НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ,
ЖАНАБИЛЬ ДАВЛЕТБАЕВ

Парламенттик шайлоолор аяктады. Боршайкомдун болжолдуу маалыматы боюнча 7%дык босогону 6 партия ашып өтө алды. Алардын үчөө СДПК, "Республика – Ата-Журт" жана "Ата Мекен", б.а, "эски" партиялар, калган үчөө "жаңы" партиялар – "Кыргызстан", "Өнүгүү–Прогресс" менен "Бир бол". Биз алардын утуп чыгуу стратегиясын түшүнүү үчүн өткөн шайлоолорго экономикалык талдоо кылууну сунуштайбыз. Бул партияларга да өнөктөштөрүнө тарттырып жиберген парламенттик мандаттарды алуудагы каталарын түшүнүү үчүн мындай талдоо керек.

5-октябрь күнү саат 10:00дө СДПК – 27,7 пайыз, «Республика – Ата Журт» – 20,3%, «Кыргызстан» – 12,9%, «Өнүгүү–Прогресс» – 9,4%, «Бир бол» – 8,5%, «Ата Мекен» – 7,8% алганы белгилүү болду. Парламенттик шайлоого катышкан 14 партия депутаттык орундар үчүн ат салышууда расмий маалыматтар боюнча жалпысынан 777,8 млн. сом сарптаашты. Орто эсеп менен алганда 1 шайлоочунун добушу партияларга 511,6 сомго туура келди.

Талдоо кылууга ыңгайлуу болуш үчүн партиялар тарабынан сарпталган каражаттар жана партиялардын алган 1 добушу менен мандаты канчага бааланганы кийинки жадыбалда көрсөтүлдү. (Бул жыйынтыктоочу маалыматтар эмес. КР БШКсы бюллетендерди толук санап бүткөндө пайыздык көрсөткүчтөр бир аз өзгөрүшү мүмкүн.)

| Ар бир партия боюнча маалымат | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Партиялар | Добуш саны | Сарптоо (сом) | 1 добуштун баасы | Мандаттын саны | 1 мандаттын баасы |
| СДПК | 421 329 | 103 226 275,00 | 245.00 | 37 | 2 789 899 |
| Республика – Ата Журт | 308 391 | 130 797 587,28 | 424.13 | 29 | 4 510 262 |
| Кыргызстан | 196 539 | 79 133 512,00 | 402.64 | 18 | 4 396 306 |
| Өнүгүү-Прогресс | 142 325 | 119 109 579,80 | 836.88 | 13 | 9 162 275 |
| Бир бол | 129 213 | 89 302 094,27 | 691.12 | 12 | 7 441 841 |
| Ата Мекен | 118 587 | 80 629 809,61 | 679.92 | 11 | 7 329 983 |
| Бүтүн Кыргызстан – Эмгек | 93 788 | 66 149 858,00 | 705.31 | 0 | |
| Замандаш | 42 289 | 29 373 422,73 | 694.59 | 0 | |
| Улуу Кыргызстан | 23 023 | 12 132 370,00 | 526.97 | 0 | |
| Ар-намыс | 12 181 | 20 687 957,03 | 1698.38 | 0 | |
| Мекен Ынтымагы | 12 159 | 8 834 460,88 | 726.58 | 0 | |
| Кыргызстан элдеринин конгресси | 9 153 | 16 945 444,00 | 1851.35 | 0 | |
| Аалам | 6 181 | 11 980 776,67 | 1938.32 | 0 | |
| Азаттык | 5 174 | 9 547 954,01 | 1845.37 | 0 | |
| **Жалпы** | **1 520 332** | **777 851 101,28** | **947,61** | **120** | |

## Партиялардын аброюнун деңгээли

Келтирилген таблицага карап, бир нече кызыктуу натыйжаларды чыгарууга болот. Мисалы: «Бир бол» жаңы партия болуп, туруктуу электораты жок болгону менен 1 добушту жеңип алууга КР Жогорку Кеңешинде туруктуу иш алып барган «Ата Мекен» партиясындай эле каражат короткон (691,12 сом жана 679,92 сом). «Өнүгүү-Прогресстен» башка партиялар бирдей эле үгүт технологияларын колдонгонун эске алсак, «эски» «Ата Мекен» партиясы менен «жаңы» «Бир бол» партиясынын аброю салыштырмалуу бирдей эле экен деген натыйжага келсе болот. Ачыктап айтканда, «Ата Мекен» партиясы буга чейин өзүнө жакын болгон электоратынын бир бөлүгүнөн айрылган.

Ушундай эле өкүнүчтүү абалга башка тажрыйбалуу «Ар-намыс» партиясы да кептелген. Себеби ал дагы шайлоого салыштырмалуу жаңы эле аттанган «Мекен ынтымагына» караганда 11,8 млн. сом сарптаганына карабай, алар менен бирдей эле добуш ала алган (12 миң). Бирок бул натыйжаны «Ар-намыс» үчүн мыйзам ченемдүү деп эле айтса болот. Себеби ал салттуу электораты жайгашкан Бишкектин шаардык кеңешине депутат өткөрө албай калган. Салыштырсак, 2010-жылы өткөн парламенттик шайлоодо «Ар-намыс» партиясы Бишкекте биринчи орун алган. Бул тенденция сакталып кала берсе, «Ата Мекен» менен «Ар-намыс» партияларына структуралык жана кадрлык өзгөрүүлөрдү киргизбестен жаш партиялар менен атаандашуусу кыйын болуп калат.


## Колдон кеткен мүмкүнчүлүктөр

«Бүтүн Кыргызстан – Эмгек» партиясы эң аянычтуу абалда калган. Бул абал добуштарды кайра санап чыгууну талап кылган партиянын лидерлеринин активдүү нааразылыгы менен гана эмес, таблицадагы маалыматтар менен дагы тастыкталып турат. «Ата Мекен» жумшаганчалык каражат коротуу менен «Бүтүн Кыргызстан – Эмгек» партиясы факты боюнча 106 423 добушту алууну шарттаган 7%дык босогону аттап өтүп, мандаттарга талапкер боло алмак. Сарпталган каражаттардын эффектүүлүгү боюнча «Бүтүн Кыргызстан – Эмгек» (705,3) «Өнүгүү-Прогресстен» озуп өтүп (836,9), «Бир бол» жана «Ата Мекен» менен салыштырмалуу бирдей даражада болгон. Минималдык босогону аттап өтүүгө «Бүтүн Кыргызстан – Эмгек» партиясына 12 635 гана добуш жетпей калган. Бул партиянын үгүт компаниясы «Өнүгүү-Прогресстикине» караганда 18,6%га жигердүүрөөк болгон. Мындан биз каражаттарды үнөмдөө кээде күтүлгөн натыйжага чоң тоскоол болорун көрүүдөбүз.

## Бюджет да маанилүү

Жалпысынан алганда, чоң бюджеттери бар партиялар каражаттарын натыйжалуу сарпташты. Мындай натыйжа шайлоого аттанган 14 партияга сарптоолору менен алган ар бир добуштун ортосунда акыбети кайтчу натыйжа бар экенин көрсөтүп турат. Бул кайткан корреляция статистика илиминин мыйзамдарына ылайык –0,63 коэффициентин түзүп, бул эки «переменный» ортосунда катуу көз карандылык бар экени көрүнүп турат. Башкача айтканда, сарптоо канчалык көп болсо, эффективдүүлүгү да ошончо жогорулаган. Салттуу көз караш боюнча үгүт материалдары менен пиар компанияга каржылоону көбөйтүү сарпталган каражаттын натыйжалуулугун төмөндөтөт. Бирок биздин Кыргызстандын практикасында каржылоонун көбөйүүсү тетирисинче алардын эффективдүүлүгүн арттырган. Ошентип, ири бюджеттери бар партиялар масштабдын кеңдигиненби же башка бейрасмий үгүт куралдарын колдонуусуна байланыштуубу, бюджети төмөн партияларга караганда добуштарды аз каражат менен ала алышкан. Бирок мындай деген болсок, башка дагы факт көзгө кирип турат. СДПК «Республика – Ата Журтка» караганда каражаттарын 73%га эффективдүүрөк колдонгон. Ошол эле учурда «Республика – Ата Журт» СДПКга караганда 27%га көбүрөөк каражат которгон. Бул өз учурунда биздин сарптоо менен анын эффективдүүлүгү ортосундагы кайткан корреляцияга таянып чыгарган корутундубузга каршы келип калууда. Башкача айтканда, СДПКга келгенде алар көрсөткөн каржы булактарынан сырткары жогорудагы жадыбалга кирбеген башка курал жана факторлор орун алган деген божомол кылсак болот.

# Шайлоо эртеси



**Ажобуздун эскорту делген машинелер шайлоонун эртеси Бөкөнбаев менен Манас көчөлөрүнүн кесилишинен саат 09:45 өттү. Аларды күтүп жаткан маршрутканын ичи уу-дуу. Бири "Жакшылап майрамдаган го" дейт, экинчиси "Президент саат 9-10дордо араң жумушка келсе, көптө оңолобуз го" деп кейийт. Чындыгында күндө эл менен кошо жумушка келип кетпестен, эртерээк келип, кечирээк кетсе эле ажонун 70 пайыздык деген рейтинги соо калчудай**

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### Саясаттын жоопкерчилиги артты

Үчурда трендде болгон Бакыт Бекетаев баш болгон саясий серепчилердин бул шайлоолордо негизги чечүүчү аргумент экономикалык программалар эмес, акча жана активдүүлүк болот деген жорумдарын "Сaрeсеп" гезитинин экономикалык серепчиси Нурадил Раимбеков гезитибиздин мурунку санында илимий экономикалык тилге түшүргөн. Биздин экономист ал макаласында партиялардын окшоштугунан улам саясий-экономикада "медиандык" деген термин менен белгиленген оомо, оюн-зоок менен акчага берилген шайлоочу пайда болорун далилдеген. Андай ээрчимеликтен кутулуу үчүн шайлоочу эсеп-кысаптык жактан агартылып, такшалып, саясий партиялар негизги каражаттарын политтехнолог эмес, реалдуу экономикалык программаларын жазып бере алган күчтүү жана кымбат адистерди жалдашы керектиги айтылган.

Шайлоолордо реалдуу нерселер менен бирге виртуалдуу нерселер дагы колдонулуп келет. Оппозиция базарга убадалары менен келген болсо, бийлик анча-мынча өндүрүм жана келечек түшүмдүн уруктары менен келе алды. Бийлик тараптын эң өтүмдүү товары 5 жылдык тынчтык болду. Чын эле сапаттары биздикине окшогон мамлекеттер кыйын абалда. Кошуна Тажикстан, Өзбекстан, жада калса Казакстанга караганда 90 пайызына чейин мусулман, айрыкча динин чала-була болсо да карманып баштаган момун үчүн биздин өлкө бейиш. Мусулманчылыгыбыз менен салыштырып келгенде Сирия, Ирак, Ливия, Египет сыяктуу түстүү ыңкылаптарга кабылып, белин түзөлтө албай калган мамлекеттердин абалын карасаң ого бетер сүйүнөсүң. Башка параметр менен карасак, КМШда Орусияга тийише коем деп, өз өлкөлөрүнүн ичинен бөлүнүп калган мамлекеттер четинен чыгат. Аларга караганда алыскы туугандан көрө жакынкы кошуна деп, орустар менен казактарга ыктап алганыбыз да туура сыяктуу. Кийинки өтүмдүү товар – өжөрлөнүп салып жаткан мега-проекттер. Аларды атап баштасаң кээ бир окурман гезитибизди тамызгыга гана колдоно баштачудай. Бул шайлоодо тез бышып түшүмүн бере салган мөмө – биометрика колдонуу менен өткөн добуш берүү болуп калды. Бул кээ бир өнүккөн мамлекеттер дагы шайлоого келген жарандарынын аздыгынан колдонуудан чочуп турган ыкма айланабыздагы мамлекеттердин алмашкыс мыкчыгерлеринин эң чоң баш оорусуна айланчудай. Айтайын дегенибиз, батыштык параметрлер менен алганда да бийликтин айтканга сөзү бар болуп калды. Чындыгында бул шайлоодор оппозициянын да, бийликтин дагы деңгээлин бир топ көтөргөнгө пайдубал түздү. Деңгээл дегенде эң биринчи кезекте жоопкерчиликти айтабыз. Эми буга чейинкидей сауналарда жүз грамдашып кызып алып кабыл алынган чечимдер жокко эсе болуп калды десек чоң сөз болбос.

### Интернет менен санарип таасир бере баштады

Мурунку шайлоолорго салыштырмалуу ызы-чуу менен абийир төкмөйлөр жокко эсе болду. Бул шайлоого аттангандардын өзгөчө таза болгондугунан эмес, көбүнчөсүнүн текши булгангандыгынан улам болду дешет серепчилер. Баарынын бири-бирине айтар сөзү, көрсөтөр видеосу бар дегендей. Ар бири айнек сыяктуу абийиринин ичинде болгондуктан, эч кимиси биринчи таш ыргытканга даай алган жок.

Шайлоочулардын эс-тутумунун начарлыгына үмүт кылып, сөздөрү менен пикирлерин каалагандай өкчөп, карапайым элди кыска мөөнөткө ынандырып, саясаттын каймагы болуп жүрө берем дегендердин күнү бүттү. Себеби интернет деген ээни күчтүү актёр саясий майданга таасир бере баштады. Интернет унутуп калса да, калың кыргызда анын ээнинен керектүү маалыматты сууруп чыккан ыктыярлуу серепчилер чекеден чыга баштады. Мындай эскертүүлөр талаа-түздө мал багып же эгин оруп жүрсө да андроидди колдоно баштаган карапайым калкка өтө пайдалуу экен. Ошондуктан кылгылыктарды ашкере кылып, бирок коньюктурага жараша тилинен бал же уу тамызган саясатчылардын кээ бири эле 7 пайыздык коону аша алса, көбү бул тосмонун аркы тарабында кала берди.

Санариптик технологиялар мамлекеттик же улуттук делген телеканал менен үналгылардын монополиясын жирей баштаганы бул шайлоодо биринчи жолу сезилди. Кээ бир жеке менчик каналдар шайлоонун жыйынтыктарын ыкчам берүүдө КТРКга караганда бир кадам алдыда болушту.

### Бузукулук – чыккынчылыктын башаты

Бузукулук – адеп-ахлактык жүрүм-туруму калыптанып калган бир феномендин табиятына каршы келген же ыктаашпаган нерселерди кылуу дегендик. Көптөн бери барбай калган бала-бакча же мектептин босогосун адам шайлоо учурунда аттайт экен. Башында өзү тарбияланып, кийин баласын же небересин жетелеп кирген жерлер ыйыктыгын дагы эле коруп келе жаткан сыяктуу.

Шайлоолордун мындай ыйык имараттарда өтүүсү кокустук эмес. Бала-бакча менен окуу жай жамааты жана имараты шайлоо өткөрүүгө эң идеалдуу түзүмдөр. Аз каржылоо менен максималдуу максаттарга жеткирчү коомдук куралдар. Мамлекет жана улуттун көрөңгөсүн сактап, балдардын аңсезимин, акыл-эсин жана жүрүм-турумун жөндөгөн ыйык аймакка анын багыттары менен максаттарына дал келбеген же аларга каршы болгон пикир жана иш-аракеттердин кириши канчалык туура. Жок, тескерисинче бул ыйык окуу жайларга кирген пикир менен аракеттер ыйык жердин түсүн алуусу керектир. Андай болсо, шайлоо өтүп жаткан тарбия-таалим очокторү ар бирибиз үчүн 4-5 жылда бир болсо да эң сонун эскерткич.

Исламдын эрежелеринде бузукулук "фыск" сөзү аркылуу талданып, "адамдын дини буюрган чектердин ичинде калбоосу; чоң күнөө кылуу же кичи күнөөлөрдү уланта берүү аркылуу башын Жаратканга моюн сунуу аймагынын сыртына чыгаруусу" деген түшүнүктү берет.

Пайгамбарыбыз Мухаммад: "Туура жана туура эмес нерселер эч күмөн болбогондой даражада аппачык белгилүү. Бирок бул экөөнүн арасында күмөн жараткан нерселер бар, адамдардын көбү аларды билбейт. Кимде-ким бул күмөн нерселерден сактанса, ишенимин жана намысын сактаган болот", – деген экен.

Демек, аткаруу зарыл болгон жана тескерисинче кылынуусу зыян келтирген нерселер коомго аппачык болуу үчүн тиешелүү ар бир нерсенин өзүнө жараша так эрежелери болуусу керек сыяктуу эле аларга каршы келген нерселер да аталып, ашкерелениши туура болот. Ошондуктан ар бир бала-бакча орто жана башка окуу жайлардын кире беришинде "Эй, бул ыйык босогону аттаган адам! Ушул-ушул нерселерди сыртка калтыр, ушундай-ушундай ой-сезимдер менен кир…", – деген сыяктуу сөздөр болсо, балким балалык, өспүрүмдүк таза сезимдерибиз үчүн дагы бир үшкүрүп, бир тазаланып алар белек!?

### Үч арман

Сингапур өкмөтүн 30 жылдан ашык башкарган Ли Куан Ю кийин "Сингапур кереметы. Үчүнчү дүйнө мамлекетинен биринчиликке" деген эскерүү китебин жазган. Анда тематикалык түрдө мамлекетинин негизги тармактарын кантип бутуна тургузганын жазып калтырган. Куан Юдан жемкорлукту кантип токтоттуңуз эле деген суроого "Эң жакын үч досуңду отургузасың. Эмнеге отургузганыңды сен жакшы билесиң, алар да эмнеге отуруп калгандарын жакшы билишет" деп жооп берген дешет.

Биз эми бул үч шылуун жөнүндө сөз кылбайбыз. Ли Куан Юнун мамлекет бутуна туруп кетүүсү үчүн үч негизги шарт керек дегенине токтолобуз. Алар: экономикалык, финансылык жана саясий туруктуулук; окуп, изденип жана жаңылануучу даяр болгон калк; тазаланууга туруктуу багыт алган өкмөт. Экинчи жана үчүнчү шарт Кыргызстанда калыптанып баштаган сыяктуу. Бирок биринчи шарт ишке ашуу үчүн так жана жашырылбаган цифралар менен аларды окуп, түшүнүп, колдоно алган серепчилер менен элдин арасынан чыккан жоон топ ишкер керек. Алакандай Сингапур үчүн буга 30 жыл кеткен. Интернет менен санариптик технологиялар өнүккөнүнө карабастан, бизге да мындан кем эмес убакыт керек болчудай. Демек, адамзаттын асыл таажысы айткандай, кайгыбызды жакшылап жаңылайлы, анткени деңиз терең, азыгыбызды тыкыр алалы, жол узак, туура эмес нерселерден арылалы, себеби ашуулар бийик.

# Миллиондорду жүздүктөргө саттык

Серепчилердин айтымында быйыл шайлоо иши өзгөчө жана ашкере чыгым менен коштолду. Буга биометрикалык негиздин киргизилиши себеп болсо керек. Анткени биометрикалык маалымат базасы добуш берүү ишин бурмалабоо максатында ишке ашкан процесс болчу. Дал ошол себептүү ар бир партия үчүн ар бир добуш маанилүү эле. Арзыбаган 3 миллионго жакын шайлоочуну партиялар ар тарапка тартып, бир кийикти беш мергенчи талашып жаткандай эле болду



АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

### Партиялар шайлоочу менен креслого канча коротту?

"Үгүтсүз шайлоо, үмүтсүз эл болбойт" дегендей, шайлоо үгүтү учурунда ырчы-чоорчулардан тартып, жарнама менен алектенген жеке чакан ишканаларга чейин өз бизнесин кыйла алдыга сүйрөп алгандай. Партиялар алыскы унаа жетпеген аймактарга чейин жетип, калкка материалдык жардамды жакшы көрсөткөндүгүнө эл арасынан "мындай шайлоолор жыл сайын өткөрүлүп турса, мамлекет алты жылда өнүгүп кетмек" деген кептердин жүрүп жатканы далил. Ал эми ошол шайлоо ишине кеткен каражат боюнча официалдуу сандарга кайрылсак, Борбордук шайлоо комиссиясынын эсеби боюнча биринчи орунда "Республика Ата журт" партиясы экени ачыкка чыкты. Анын шайлоо фондуна 131 млн. 540 миңден ашуун сом чогултулуп, анын 130 млн. 797 миңи шайлоо иштерине кеткен. Экинчи катарда "Өнүгүү-Прогресс" партиясы. Бул партиянын казынасына 119 млн. 409 миңге чукул каражат топтолуп, дээрлик бардык сумма чыгымдалып бүтсө, КСДП партиясынын казынасына 103 млн. 225 миң сом түшүп, сарпталганы андан да көп сумманы чапчып, үчүнчү орунду ээледи. Бийликке аттанган калган 11 партиянын казынасы 7 млн. сомдон 74 млн. сомго чейинки сумманы түзөт. Бирок шайлоо өнөктүгүнө байкоо жүргүзгөн эксперттер шайлоого жумшалып жаткан көмүскө каражаттын өлчөмү расмий жарыяланган суммадан алда канча көп экенин белгилешүүдө.

Партиялардын сарптаган каражатынын жалпы суммасын ар бир добушка бөлүп, саясий парадигма түзүп көрдүк. Жарышта алдыңкы орунду КСДП партиясы алганы белгилүү. Бул партияга 443 миң 661 шайлоочу өз добушун ыйгарган. Ошондо партия ар бир добушка 282 сом кетирген. Кийинки орун "Республика Ата Журт" партиясына тиешелүү. Добуш берген шайлоочулардын саны 335 миң 114 болсо, кетирген каражатын бөлө келгенде ар бир добуш 312 сомго бааланат. Ал эми үчүнчү болуп келген "Кыргызстан" саясий партиясына 202 миң 62 жаран өз добушун ыраа көрсө, добуш 391 сомго туура келди. 146 миң 50 добуш алган "Өнүгүү-Прогресс" төртүнчү орунга илинсе, бир добуш 739 сомго бааланууда. Бешинчи орунга илинген "Бир бол" өлкө боюнча 133 миң 379 добуш жыйнаган болсо, жаран башына 670 сомдон туура келет экен.

Ал эми ошол эле сарпталган каражатты ар бир депутаттык креслого бөлүү менен биз мандат баасын эсептей алдык. Жыйынтыгында, КСДП партиясына 38 депутаттык орун берилип, мандат баасы 2 млн. 716 миң сомго бааланды. "Республика Ата Журт" партиясына 28 орун берилген болсо, креслонун баасы 4 млн. 671 миң сом, "Кыргызстан" саясий партиясына 18 орун ыйгарылып, мандаттын баасы 4 млн. 396 миң сом. "Бир бол" партиясы 12 орунга ээ болгон болсо, депутаттык орун 7 млн. 441 миң сомго бааланды. Ал эми жарышта алтынчы орунга ээлик кылган "Ата Мекенге" 11 орун берилип, бир мандат 7 млн. 329 миң сомго туура келери аныкталды.

Каржы министрлигинин бүрсүгүнү 5-октябрда берген маалматына карасак Жогорку Кеңешке сентябрда 77,5 млн. сом каржыланыптыр. Бул сумманы 120 эл өкүлүнө бөлүп, кайра аны 5 жылдагы 60 айга көбөйтсөк ар депутаттык орунга мамлекеттик казынадан 38 750 000 сом коротулат экен.

### Акча чачуу боюнча дүйнөнүн алдындабыз



**Экономика илимдеринин доктору Айылчы Сарыбаев** партиялар чектен чыгып, акчасын асманга чачканын айтты.

– Шайлоого королгон акчанын санын эсептесек, 1 млрд. сомду чапчыйт. Ошол акчага мисалы чакан завод фабрикаларды иштетип, орто ишканаларды куруп, кооперативдерди түзүп, жаштарга жумуш орундары түзүлүп берилсе, мигранттардын маселеси бир канча пайызга чечилип, экономикада чоң секирик жасалмак. Мындай аракет өлкөнү беш жыл алдыга сүйрөп салмак. Партиялардын кылган ишине көз салып отуруп, мындай эл бийлигин шайлоонун кажети бар беле деген суроо азыр кабыргасынан турат. Дүйнө элин карасаң бир дагы акыл-эстүү өлкө акчаны мындай ысырап колдонгон эмес. Бул жүрүш бийликтегилердин дагы, саясатчы сөрөйлөрдүн дагы түшүнүгү пас экенин, цивилизациядан артта калгандыгын аныктады. Илгерки 14-кылымдагы караңгы, феодалдык, көчмөндүк учурдан өйдө карай эмес, ылдый карай түшкөнү көрүнүп турат. Эреже боюнча шайлоого акча каражаты минималдуу, ал эми акыл менен иш-аракет максималдуу түрдө колдонулуп, сапаттуу жана дилгир эл бийлиги орношу керек болчу. Айткым келгени, партиялардын казынасына каражат ар кайсы булактан келип түштү. Алардын каржылык дарамети ар кандай болгондуктан, бири өз чөнтөгүнөн, бири уурдалган акчадан, дагы бири белгисиз үчүнчү топ тарабынан каржыланды. Мени капа кылганы, элдин дагы пейилинин бузулушу, "кайсы партия акча берсе, ошол партияга добушумду берем" дегени акылга сыйбаган көрүнүш болду. Өз өлкөсүнүн келечегин 1000 сомго баалаганы мени катуу таң калтырды.

### Жөргөмүштүн желесиндей керилген билборддор

Кеткен каражаттардын көпчүлүк бөлүгү өзүн-өзү таанытуу максатындагы көрнөк-жарнактарга сарпталганы анык. Күчтүү реклама сапатсыз товарды тандап алууга өбөлгөнү оңой эле түзүп коёру бышык. Ошол себептүү быйылкы шайлоо ишинин негизги бөлүгү жарнамалык негизде болду. Калааларда жана Бишкек шаарында бир дагы рекламалык баннер бош турган жок. Бирок дээрлик бардык партия бүткүл республика боюнча өзүнүн билборддорун жайгаштырган десек жаңылган болобуз. Башкалардан айрымаланып, уникалдуу болуу мүдөөсүн көздөгөнбү же акча каражатынын тартыштыгынан уламбы айтор, "Кыргызстан калктарынын конгресси" саясий партиясы бир дагы рекламалык жарнактарын жайгаштырган эмес. Ал эми байкоочулардын баа берүүсүнө ылайык, КСДП жана "Бир Бол" партиялары кермелеринин саны боюнча алдына ат салган жок. Алар өлкө боюнча 450 дөн 500 даанага чейин кермелерин жөргөмүштүн желесиндей эле керишкен. Жадакалса улут аралаш жашаган аймактарда өзбек, тажик тилиндеги жарнактар илингенине да күбө болдук. Бул иш боюнча "Кыргыз чоролору" коомдук бирикмесинин төрагасы Көчөрбаев: "Эгемендүү эл болгондон бери канчалаган тил маселесинин тегерегинде аракеттер көрүнүп, ага карата тиешелүү мыйзамдар чыкканы менен эне тилибиз дагы деле аксап, өз тилибизди жеригендер четинен чыгат" деп, атайын кайрылуу жасаганын эске сала кетсек болот. Себеби мыйзам боюнча негизги маалымат кыргыз тилинде берилип, башка тилде коштолуусу гана керек.

### Бул жолку шайлоо бизнесибизди өстүрдү

Ири реклама агенттигинин директору Владимир бул шайлоо анын бизнесинин кеңейишине алып келгендигин белгилеп кетти.

– Негизи баннердин ижара баасы анын районуна жараша болот. Баннер борбордук райондорго канчалык жакын болсо, ошончолук кымбат болот. Чынында шайлоо убагында рекламалык баннерлердин баасы бир нече пайызга өстү. Анткени аларга суроо-талап күчөп, партиялар арасында тартыштыктарды жаратты. Бир эле баннердин ижара баасы 16 миңден 20 миңге жетсе, бир эле плакаттын материалына жана ойлоп табылган дизайнга 5000 сом сарпталат. Ал эми таратылган баракчалардын орточо баасы 140 сомдон жогору. Биз бир нече саясий партиялар менен тыгыз иштедик. Мурдагы шайлоолорго салыштырмалуу бул жолку шайлоо биздин бизнестин өсүшүнө чоң түрткү болду. Мына ушундан улам мен коом рекламанын күчүн сезе баштаганын баамдадым.

Кантсе да шайлоо өтүп, шайлоонун эртеси да болду. Кетирилген каражаттын ордун кантип толтурары партиялардын иши дейли. Бирок жасаган иш-аракети ошол кеткен каражатты актагандай болуп, берилген убадасы курулай болбой, аткарылса деген үмүт.



# Коомубузда кедейликтин изи сууй элекпи?

Коомубуз алдыга жылып, жаңы технологиялар менен камсыздалып, жашоо шарт оңойлогону менен илгерки замандын изи дагы да болсо калгандай. Айталы, убагында кедейлер мазакталып, байлар ырларда макталып ырдалса, азыркы тапта деле жакыр калк кыйналып, үстүңкү катмар алардын азабынан пайдаланып, өз камын көрүп келишет

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Кыргыз коому көп жылдар аралыгынан бери теңсиздик абалында жашап келет. Атайын эл аралык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча азыркы учурда Кыргызстандын калкынын 40 пайызы жетишпеген жашоодо күн өткөрөт. Өлкө боюнча жүргүзүлгөн статистикалык маалыматтарга таянсак, жакырчылык маселеси жыл сайын өсүп турат. Алсак, 2011-жылы калкыбыздын 36,8 пайызын кедей катмар түзсө, 2012-жылы кембагалдык маселеси 38,0 пайызга жеткен. 2014-жылы көрсөткүч 30,6 пайыз болгону менен акыркы 2015-жылдын маалыматтары боюнча өлкөдө жакырчылык дагы 10 пайызга көтөрүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министри Кудайберген Базарбаевдин** айтымында, бүгүнкү күндө 103 миң үй бүлө, анын ичинде 306 миң өспүрүм жардамга муктаж.



– "Биздин өлкөдө жетишпеген турмушта 103 миң үй-бүлө, алардын ичинен 306 миң 18 жашка чыга элек балдар жашаса, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 168 миң адам бар. Булардын баары өкмөттөн жардам алышат. Материалдык каражаттардан тышкары кышкыга отун, көмүр сыяктуу кошумча жардамдар берилет. Буга кошумча калкты бекерчиликке көндүрбөө максатында дагы бир топ иш-аракеттер жүргүзүлөт. Жумушу жокторго окуу курстарына барууга мүмкүнчүлүк түзүп беребиз", – дейт Социалдык өнүгүү министри.

Жогорудагы чиновниктерибиз социалдык жетишкендиктер тууралуу сөз кылганда көмүскө алдында жакырчылык жөнүндө айтылат. Адамдардын жашоосу учурда бир топ эле жакшырды дегендери менен бүгүнкү күнүбүздө калкыбыздын бир айлык керектөө бюджети 4981,51 сомду түзөт. Бул көрсөткүч орто катмардагы жарандардын айлык чыгашасы. Ал эми төмөнкү катмардагы адамдар айына 1000–2000 сомдун тегерегинде акча каржылашат. Демек, жогоруда айтып кеткен калктын кырк пайызы бүгүнкү күндө болбогон бир акча менен күн өткөрүүлөрү керек. Кыргызстандын калкынын азык-түлүк сатып алууларын изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 2014-жылы үй этин 12,2%ы, суу майды 42,5%ы, сүттү 35,1%ы, кумшекерди 74,9%ы, буудай унун 90,3 пайызы сатып алышкан. Демек, бул сандардан сырткары калган жарандарыбыздын калганы пайызы кумшекер, май сатып ала албаса дагы бир бөлүгүнө уну жок күн кечирүүгө туура келген.

**"Элим барсыңбы" кайрымдуулук фондунун жетекчиси Хабиб Арзыкуловдун** айтымында, бүгүнкү күндө Кыргызстанда жакырчылык маселеси өтө курч бойдон калууда.



"Бизге жардамга муктаж болуп кайрылган жарандардын саны жыл сайын артууда. Бул көрсөткүчтүн өсүшү жакырчылыктын көбөйүшүнөн кабар берет. Бүгүнкү күндө эле калкыбыздын 38 пайызы жетишпеген турмушта күн кечирет", – дейт өз сөзүндө Хабиб мырза.

Ошондой эле коомубузда калкыбыздын жашоосу шайлоо алдында анын көйгөйлөрүн чечүү үчүн эмес, өз пайдасын алуу максатында гана эске алынат. Төмөнкү катмардын жашоо деңгээлинен пайдаланылып, бийликке аттануучулар алардын добушун акчага, бир мүшөк унга сатып ала башташат. Кыргыз калкынын жарымына жеткен пайызы карапайым турмуш кечиргендиктен, бул жол менен кол топтоо эң оптималдуу вариант болуп эсептелинет. Ал эми эл аларды беш жыл бою ким башкарарына, жашоо-турмушту оңойбуз деген убадалардын аткарылып же аткарылбашына маани бербестен, күнүмдүк оокат үчүн акча алууга мажбур болушат. Элдин аң-сезиминде да шайлоо дегенде татыктуу адамдарды бийликке тандоо эмес, бекер акча, азык-түлүк алуу деген принцип отуруп калган. Элдин шайлоодо сатылгандыгы тууралуу интернеттеги социалдык тармактарда чуу жаратып келишкен серепчилерибиз калктын жакырчылыгы жана анын добуш берүүгө тийгизген таасири тууралуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, чара тапканга аракет кылышса жакшы болмок.




Улуу ойчул Аристотель: "Мамлекет калкынын баарынын тең болушуна аракеттенет. Бирок тең болуу ортоңку катмардын гана колунан келе алат. Демек, ортоңку катмардан турган мамлекет туруктуу мамлекет болуп саналат,"– деп айткан. Бирок биздин өлкөдө ортоңку катмарга басым жасалбаганын баарыбыз эле билебиз. Тескерисинче бай, кедей кылып бөлүү, бул көрүнүшкө тиешелүү мыйзам чыгарууга артыкчылык берилип келет.

Мамлекетибиздин 40 пайызынын кедей экени бизде мыйзам дээрлик иштебегенинен кабар берет. Кедейлик менен күрөшүү фонддордун, коомдук уюмдардын колунан келбейт. Калкыбыз теңдикте жашоосу үчүн бардык жерде адилеттүүлүк болуусу абзел. Бирок мамлекеттин башында тургандар, бизнес-элиталар бул көрүнүштү этибар ала беришпейт. Бирөөнүн колунан алдамчылык жолу менен тартып байлык чогултуп, өз камын гана ойлошкон жогорку катмарлар кайра байлыгын көрсөтүп мактангандан уялышпайт. Качан гана коомубузда толугу менен боор оору, адилеттүүлүк, чынчылдык сымал сапаттар орногондо кедейликтин изи сууйт.



### Дүйнө жүзүнүн башка өлкөлөрүндөгү жакырчылык маселеси

Статистика боюнча дүйнөнүн эң кедей 10 мамлекети Африкада жайгашкан. Ал эми Россиянын 15,8 пайызы, Тажикстандын 60, Түркиянын 20, Өзбекистандын 33 жана Казакстандын 13,8 пайыз калкы жетишпеген турмушта күн кечиришет. Ошондой эле дүйнө мамлекеттеринин айрымдары кедейлик менен колдорунан келишинче күрөшүп келишет. Алсак Германия өз жарандарын бай же кедей болуусуна, үй-жайсыз калышына жол бербейт. Эгер бир жараны колуман эч нерсе келбей калды, жакырлана баштадым деп, далилдерди көрсөтсө мамлекет ага айына 700 евро төлөп, анын бутуна туруусуна жардам берет. Индия мамлекетинде калкынын көбү жакыр болгону менен алардын мыйзамына ылайык кедейлик дээрлик жок деп эсептелинет. Себеби мамлекет башчылары айылда 14 доллар, шаарда 17 доллар айына тапкан адам бай болуп эсептелинет деп мыйзам чыгарган. Испанияда социалдык камсыздандыруу жакшы өнүккөн эмес. Бул мамлекет кедей үй-бүлөгө жакындары жардам берет деген принцип менен жашайт. Бирок ошентсе дагы аябай муктаж болгон жарандарына айына 400 евро жана коомдук транспорт менен соода жайларында арзандатуулар каралган. Кореяда айына 9200 доллардан аз тапкан адам жакыр болуп саналат. Эң кызыгы, бул мамлекетте карыларга жөлөкпул берилбейт. Карыган абышка-кемпирлер иштөөгө же болбосо балдарынын жардамына муктаж болушат.



# Бардык мугалимдер аттестациядан өтөт

Билим берүү министри Эльвира Сариева билим берүү жаатында иштеп жатканына аз болгонуна карабай, көп долбоорлорду ишке ашырып, мугалимдердин билим берүү сапатын жакшыртып, айлык акысын көтөрүп, мектептерди жаңы керектүү техникалар, эмеректер менен камсыз кылууда. Ал билим берүү жаатында алдыга койгон чоң максаттары тууралуу "Саресеп" гезитине маек куруп берди



**– Окуу жылынын башталышы менен окуучулар арасында бири-бирине кол салуу күчөдү. Бул көрүнүштүн кесепетине мугалимдер себепкерби? Алар тарабынан окуучуларга жетиштүү көңүл бурулуудабы?**

– Биз өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту эске алуу менен КР мыйзамына ылайык 10 министрлик жана мекемелер менен орто билим берүү мектептериндеги окуучуларды зордук-зомбулуктан сактоо максатында атайын мекемелер арасында биргелешип аракеттенүү буйругун иштеп чыгып, кол койдук. Буйрукка ылайык зордук-зомбулукка күбө болгон өспүрүмдөрдүн билдирүүсү психологдордун чечиминин негизинде кабыл алынып, фактылар өспүрүм алган ур-токмоктун даражасына ылайык мамлекеттик органдарга берилет. Кошумчалай кете турган нерсе, бүгүнкү күндө орто билим берүү мекемелеринде 1600 профилактикалык кабинеттер иштөөдө. 2015-2016-окуу жылында 100 мектеп жеке коопсуздук кызматынан колдонууда. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан укук бузууларды алдын алуу үчүн 2020-жылга чейин концепция иштелип чыкты. Ага ылайык 6-11-класстар үчүн сергек жашоо тууралуу окуу программалары, мугалимдер үчүн балдарга туура тарбия берүү үчүн методикалык пособиелер берилди.

**– Жакында ата-энелер окуучулардын колдонуп жаткан китептерине каршы чыгышты. Башталгыч класстар окуп жаткан "Мекеним Россия" деген китептерди окууга ким уруксат берген?**

– Айтылуу А.А.Плешакованын "Окружающий мир" деген китеби 2015-2016-окуу жылында орус тилдүү мектептердин башталгыч класстары үчүн министрлик тарабынан сунушталган окуу куралдарынын катарына кирбейт. Табият таануу сабактары үчүн 2011-жылы басылып чыккан З.Ж.Мамбетова, Т.В.Архипованын китептерин сунуштаганбыз. Мурдагы жылга салыштырмалуу бүгүнкү күндө башталгыч класстарга китептердин жетишпегендигинин негизги себеби окуучулардын санынын арбындыгы болууда. Бул жерден дагы бир нерсени эске алуу керек, китептер колдонуудан аз убакыттын ичинде эле чыгып калат. Биз республикалык бюджеттен мектептерди жаңы китептер менен толук камсыз кыла албайбыз. Министрлик тараптан окуу китептеринин сапаттарын жогорулатуу үчүн бир топ иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Алсак, биз Улуттук китепкана менен биргеликте электрондук китептерди, окуу программаларын иштеп чыгып, "Ачык электрондук китепкана" сайтына (www.lib.kg) орто билим берүү мекемелерине тиешелүү 33 китеп жайгаштырдык. Убакыттын өтүшү менен бул тизме дагы да болсо толуп, жаңыланып турат.

**– Мугалимдердин айлык акысы канча пайызга көтөрүлдү? Айлык акынын көтөрүлүшү сапатсыз кадрларды чогултпайбы?**

– Билим берүүдө негизги ролду мугалим ойногондуктан, ал терең педагогикалык билим алып, эмгек тажрыйбасын арттырып жана татыктуу айлык акы алуусу керек. Мугалимдин маянасына инвестиция жасаган мамлекеттерде билим деңгээли жогору болот. Мугалимге инвестиция жасоо келечекке туура салым кошуу дегендик. Себеби бала кандай мугалимдин колуна туш болсо, келечеги дагы ошондой болот. Ошондуктан мугалимдик кесиптин статусун жогорулатуу, окутуучуларды мотивациялоо үчүн министрлик айлык маянаны көтөрүү программасын иштеп чыкты. Башталгыч класстардын мугалимдеринин айлыгын 80 пайыз, калгандарына 50 пайыз көтөрдүк.

**– Бирдиктүү мектеп формасы эмне себептен милдеттүү эмес деп жарыяланды?**

– Мектептердин жана ата-энелердин каалоолору менен биз негизги мектеп формасына болгон талаптарды бекитип, өздөрүнө тандоо укугун бердик. Кабыл алынган стандарттуу мектеп формасы мектеп жана ата-энелер комитети тарабынан бир канча дизайндагы айкалыштыруулар менен кабыл алынат. Бир түрдөгү форманы мектеп окуучулардын шартына карата өздөрү чечет.

**– Мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу канча жылда бир жүргүзүлөт?**

– Кыргызстанда биринчи жолу профессионалдуулугу, эффективдүүлүгү, жумушунун сапаты боюнча мугалимдик стандарт киргизилүүдө. Мугалимдин иши, натыйжалуулугу жана сапаты анын ишинен бааланат. Аттестацияга бардык мугалимдер катышат. Мектепте мугалим болуп иштеген, иштеп чыккан жаңы методикасы, тажрыйбасы бар же сабакты сапаттуу жүргүзгөн адам арыз берип, айлыкка кошумча акча алууга укуктуу. Бул эң мыкты кесипкөйдү тандоо, жаштарды шыктандыруу, кошумча акча алууга шарт түзүп берүү жана карьералык тепкич боюнча жогорулоого багытталган иш-чара. Аттестация мугалимдердин квалификациясын кантип жакшыртуу керектигин түшүнүүгө шарт түзөт.Өлкөнүн региондук өкүлчүлүктөрү жана мектеп үчүн кадрларды даярдаган негизги ЖОЖдор менен биргеликте мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга жаңы борбор калыптайбыз. Бул стандарт аркылуу мугалимдерди карьералык тепкичтен жогорулоосун кошумча акы алуу менен байланыштырабыз. Ошентип, мектептик билим берүү тутумунун ичинде начар кадрларды тосуп, күчтүү кесипкөйлөрдү шыктандырган объективдүү система түзүлөт.

**– Региондордогу кадр маселесинин абалы кандай?**

– Бүгүнкү күндө ата-энелердин арасында балдарды орус тилге окутуу талабы күчөп барат. Жыл сайын орус тилинде окуган окуучулардын саны 5 миңге көбөйүүдө. Орус тилине окууга умтулган окуучулардын саны көп болгондуктан, орус тил сабагынан берген мугалимдер жетишпейт. Билим берүү уюмдарында орус тил жана адабият мугалимдери жетишпегендиктен, Билим берүү министрлиги бюджеттик окууну аяктаган 204 бүтүрүүчүнү окуу жылы башталгандан баштап, мектептерге иштөөгө жөнөттү.

Ушул жылдын башында абитуриенттерди бюджеттик орундарга кабыл алуу боюнча буйрук чыккан. Бюджеттик орундарга кыргыз гана тилинде гана эмес, орус тилиндеги педагогикалык багыттагы кесиптерге окута баштайбыз. Себеби мектептерди орус тил мугалими гана эмес, орус тилинде берилчү башка сабактардагы мугалимдер менен камсыздоо зарылчылыгы жаралды. Мектепте иштеп жаткан мугалимдер үчүн министрлик программа жана "Мугалим үчүн орус тил" аттуу окуу-методикалык колдонмо иштеп чыкты. Бул окуу методикасы боюнча практикалык курс өткөрүлөт. Мугалимдерди бул багытта даярдоо Ишенаалы Арабаев жана Ош мамлекеттик университеттеринин ресурстук борборлорунда өтөт.

**– Кооптуу абалда турган мектептердин канча пайызы оңдоо иштеринен өттү?**

– ЮНИСЕФтин каржылоосу менен Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги жана Билим берүү министрлиги менен биргеликте мектептердин, бала бакчалардын имараттарынын коопсуздугу толугу менен инженердик текшерүүдөн өттү. Бул багыттагы көйгөйдү чечүү үчүн "2015-2024-жылдар арасында Кыргыз Республикасындагы коопсуз мектеп жана мектепке чейинки мекемелер" аттуу программа иштелип чыкты. Быйылкы жылы эле авариялык абалдагы мектептердин ордуна 66 мектеп курулуп, 100 мектеп капиталдык оңдоодон өттү. Ошентип биз мектептерде жаралып жаткан оор маселелерди чечип калган көйгөйлөрдү утурлап чечип кете бермекчибиз.

**– Мектептердеги дин маселеси ар дайым курч бойдон калууда. Алсак, мектепке жоолук салынып келүүгө кээ бир мугалимдер каршы болууда. Бул көйгөйдү чечүү үчүн кандай иш-аракеттер көрүлүүдө?**


– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү уюмдарында билим берүү жана тарбиялык иш "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт. Ал мыйзамдын 4-беренесинде "Билим берүү диний институттарга көз каранды эмес" деген ой негизги принцип катары белгиленип, билим берүү мекемелеринде окутуу светтик мүнөзгө ээ экени баса белгиленген.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу бардык мамлекеттик жалпы билим берүүчү уюмдарда диний жана ошондой эле атеисттик тарбияга тыюу салынган. Бул мектеп тарабынан ата-эне жана балдары өздөрүнө туура эмес деген ишенимдер берилбестигин бекемдегени зарыл.


Маектешкендер
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ,
ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



Сүрөт ▸ mektebim.kg



# Жүрөгүм... жүрөгүм...



Чылым чегүү жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларын пайда кылуудагы негизги факторлордун бири деген кардиолог Таалайгүл Ташбаева жүрөк оорулары боюнча маек куруп берди



**Эже, алгач жүрөк боюнча түшүнүк берүү менен сөзүбүздү баштап алсак.**

– Жүрөк-кан тамыр системасы жүрөктөн жана кан тамырлардан турат. Жүрөктүн иштешинин натыйжасында кан тынымсыз жылып турат. Кан тамырлар артериялар, артериола, капилляр, венула болуп бөлүнөт. Артериялар канды жүрөктөн ткандарга жеткирет. Алар организмдеги органдарда ырааттуулук менен майда кан тамырларга бутактанып, акырында эң майда кан тамырлары – артериолаларды түзөт. Капиллярлардан эң майда веналар башталып, акырындык менен бир-бирине биригип, чоңураак веналарга айланат. Жүрөккө кан эң ири веналар менен кайтып келет. Органдан өтүүчү кандын өлчөмүн артериолалар жөнгө салат. Органдын керектөөсүнө жараша артериолалар ичкерип же кеңейип, орган ткандарды кан менен камсыз кылууну өзгөртүп турат. Жүрөк кан тамыр системасынын булчуңдуу көңдөй органы. Булчуңдуу керегесинин жыйрылышы кандын үзгүлтүксүз жылышын камсыз кылып турат. Ал көөдөндүн алды жагында, жүрөк баштыкчасынын кабында орун алган. Жүрөктүн 1/3 бөлүгү оң тарапта, 2/3 бөлүгү сол тарапта жайгашкан.

**– Жүрөк оорусу эмне себептен пайда болот?**

– Кээ бир кишилер өзүнө күчкубат алыш үчүн түрдүү зыяндуу адаттарга кабылат. Мисалы: тамеки тартуу. Тамеки тартуу – жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларын пайда кылууда негизги факторлордун бири. Жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларын алдын алууда жашка жана ден соолуктун абалына ылайык дайыма кыймыл-аракетте болуусу өтө маанилүү. Дайыма кыймылда болуу, машыгуу бардык ооруларга «дары» болбосо да, көп оорулардан сактайт. Бирок өз алдынча ашкере машыгуу, контролсуз кыймыл-аракет ден соолукка зыян келтирип, жүрөк-кан тамыр оорусун күчөтүп, кабылдоого алып келет.

**– Жүрөктүн тез кагуусу эмнеден улам болушу мүмкүн?**

– Жүрөктүн тез кагуусу – жүрөктүн тез жана катуу согушу бул дени сак адамдарда организмге өтө күч келгенде, толкунданганда, өтө ысыкта, тамекини көп тартканда, алкоголь ичкилигин, коюу чай, кофе ичкенде жүрөктүн ишин жөнгө салуучу нерв аппаратынын дүүлүгүүсүнөн болот. Жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларында (жүрөктүн ишемия оорусу, гипертония оорусу, жүрөк кемтиги, миокардит) башка органдар менен системалардын катуу ооруларында, калтыратма ооруларда, ошондой эле невроздо, климакс мезгилинде жана башкада байкалат. Кээде бир аз эле күч келүүдөн же тынч абалда деле жүрөк тез кагып, ал коркуу сезими менен коштолуусу мүмкүн. Жүрөктүн тез кагуусун дарылоо, эгер ал ооруга байланыштуу болсо, ошол ооруну айыктыруу максатын көздөйт.

**– Жүрөк оорусун аныктоодо кандай ыкмалар колдонулат?**

– Жүрөк-кан тамыр системасын изилдөө ыкмалары өтө көп жана ар түрдүү. Мисалы, жүрөк ишинин начарлашын оорулууну сурап билүү, ошондой эле аны кармалап тыңшап көрүү, күндүзгү жана түнкү зааранын көлөмүн өлчөө, жүрөк менен өпкөнү рентгенде изилдөө менен аныктайт. Ошондой эле жүрөктүн жыйрылуу функциясынын кээ бир көрсөткүчтөрүн баалоо үчүн бир канча татаал ыкмалар да бар. Жүрөк булчуңдарын кан менен камсыз кылуунун начарлашын, миокарддын айрым бөлүктөрүнүн жабыркашын, ошондой эле жүрөк ритминин бузулушун аныктоодо электр кардиография маанилүү ролду ойнойт. Ооруларды диспансерлик кароодо, калкты массалык профилактикалык медициналык кароодон өткөрүүдө жана башка учурларда ал кеңири колдонулат. Бул ыкма жүрөктүн ишемия оорусун билүүдө маанилүү. Жүрөк кемтигин жана ири артериялардын өткөргүчтүгүн билүүдө тыңшоо, жүрөктүн жайгашуусун жана көлөмүн билүү үчүн каккылоо ыкмалары колдонулат. Жүрөк жана ири кан тамырлардын рентген диагностикасы калкты өзгөчө балдар менен өспүрүмдөрдү диспансердик кароодон өткөрүүдө мааниси чоң. Жүрөккө же кан тамырларга операция жасоо керектигин жүрөк көңдөйүнө же кан тамырга контрасттуу заттарды киргизип билүүгө болот. Азыркы кездеги техниканын радиоэлектроника, телемеханика жана башка жетишкендиктерине негизделген изилдөө ыкмалары адистештирилген ооруканалар менен кардиологиялык борборлордо колдонулат.

**– Жүрөк оорулуу кишиге биринчи жардам кандай болот?**

– Жүрөк ишинин начарлашын дарыгер гана дарылайт. Ага оорулуу өзү көмөктөш болуп, тиешелүү режимди сактоосу зарыл. Бул эч бир дары менен алмаштыргыс натыйжаларды берет. Аны дарылоодо жүрөккө күч келтирүү жана тамак-аш менен берилген кайнатма туздун өлчөмү азайтылат; заара айдама каражаттар, керектүү туздар (мисалы, калий туздары) берилет. Көп учурда ар бир оорулууга врач тиешелүү дарынын белгилүү өлчөмүн ичүүнү сунуш кылат. Эгерде жүрөк ишинин начарлашы өнөкөт жүрөк оорусунан келип чыкса, кан айлануу калыбына келсе да дарыланууну токтотпой врачтын сунушу боюнча дарыны аз өлчөмдө алып турүү керек. Жүрөк ишинин кескин начарлашы коркунучтуу, бирок сейрек кездешет. Анда кокусунан көбүнчө түнкүсүн муунтуп, жүрөк астмасынын приступу кармайт. Ал учурда шашылыш медициналык жардам келгенге чейин оорулууну ыңгайлуу отургузуп, аркасын жөлөп, нитроглицерин, корвалол, валокордин берүү зарыл. 20-кылымда өндүрүштүн техникалык жабдылышы, турак жай шартынын оңолушу, транспорттун көптүгү кишинин азыраак кыймылдашына алып келди. Көп жыл бою аз кыймылдоо (гиподипамия) ден соолукка терс таасирин тийгизет. Өөрчүбөгөн булчуңдар кишини алсыздандыруу менен бирге түрдүү вирустук жана бактериялык ооруларга туруктуулугун төмөндөтүп, жүрөктүн сезгенүү ооруларынын пайда болуу мүмкүндүгүн көбөйтөт. Аз кыймылдаган кишилер бул учурда өтө семирет. Өтө семирүү атеросклероздун пайда болуу коркунучун туудурат. Дайыма аз кыймылдаган кишилер демейдеги кыймылды талап кылган жумушту кыйынчылык менен аткарат, айрым учурда ооруга окшоп кетет. Мындай учурда атеросклероз, гипертония оорусунун пайда болушуна шарт түзүлөт.


Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## Сиз билесизби?

Жүрөк көөдөндө тикесинен, жантайыңкы жайгашып, адамдын денесинин конституциялык түзүлүшүнө жараша болот. Формасы анча туура эмес конуска окшош. Жүрөктүн алдыңкы капталы төш сөөгү менен кабыргаларды, арткы капталдары оң жана сол өпкөнүн бетин карап, төмөнкү бети боор эттин үстүндө жатат. Чоң адамдардын жүрөгүнүн орточо салмагы 300 грамдай же ар кимдин өз муштумундай болот. Ал үч катмардан турат. Ички бети жука жылмакай кабыкча – эндокард менен капталып, анын өсүндүлөрү жүрөктүн капкаларын пайда кылат. Сыртынан жүрөк кабынын ички бөлүгү эпикард менен капталат. Ортоңку катмары миокард деп аталып, өзгөчө туура ала булчундан турат. Жүрөктүн ичи атайын тосмолор менен 4 камерага (эки дүлөйчө жана эки карынча) бөлүнгөн. Дүлөйчөлөрдүн керегесинин булчуңдары эки катмарда жайланышып, карынчалардыкына караганда алда канча жука. Ал эми карынчалардын булчуңдары 3-4 катмарда жайланышкан.

## Кошумча кеңештер

Дарылоо оорунун түрүнө жараша жүргүзүлөт жана жүрөктүн ишин жакшыртууга, кан айлануунун бузулушун кайра калыбына келтирүүгө багытталат. Ал үчүн оорулууга ылайыктуу эс алуу жана эмгек режими түзүлөт. Дайыма өзүн контролдоо өтө маанилүү. Энтигүү, жүрөктүн тез кагышын пайда кылуучу кыймылдан жана капа болуудан сактануу зарыл. Өтө чарчоо (оор кара жумуш, спорт менен ашыкча машыгуу, мелдештерге катышуу, пляжда болуу, уктабай калуу, тоого чыгуу жана башка) оорулуунун абалын начарлатат. Кан айлануу бузулган учурда оорулууну төшөккө жаткыруу, дем алууну жакшыртуу үчүн баш жагын өйдө көтөрүү, оорулуу жаткан бөлмөнү дайыма желдетүү сунуш кылынат. Диетаны сактоо, дайыма белгилүү бир убакта өлчөмү менен мүнөздөп тамактануу зарыл. Түнкүсүн тамактануу болбойт. Уктаганга чейин 3-4 саат мурда тамак ичүү керек. Тузду аз пайдалануу сунуш кылынат, себеби туз организмде суюктуктун топтолушуна түрткү берет. Сүт азыктары, жемиш, өзгөчө абрикос, шабдалы пайдалуу.





# Ү.Мураталиева: “Аткарган ишиң бар болсо, кыйынчылык, көрө албастыкка убактың жок”

“Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашыптыр” деген жакшы сөзүбүз бар. Ошондуктан баштаган ишибиз ар дайым колубуздан келерин биле жүрөлү” дейт “Назик кыз” мүмкүнчүлүктөрү чектелген кыздарга жардам берген коомдук бирикмесинин жетекчиси Үкөй Мураталиева

### Аткарылган ишиң, колдоочу адамдарың болгону эң жакшы

“Назик кыз” коомдук бирикмесин түзгөнгө чейин биз, үч кыз 2007-жылы демилгечи топ болуп иштеп келгенбиз. Ошол убактарда коомдук бирикме жөнүндө ойлонуп, бирок колубуздан келеби деген коркуу сезимдер бар болчу. Өзү “демилгечи топ” менен “коомдук бирикменин” иши эки башка. Демилгечи топ болуп иштеп жүргөндө “Лидер” мектеби бар болчу. Ошондо бир жыл окуп, андан соң “Лидер” мектеби үч жыл бою биздин долбоорлорду каржылап турду. Кичине долбоор болсо дагы ишке ашканына сүйүнүп, колубуздан келет турбайбы деген бир ишеним пайда болду. Ошол эле учурда JICA эл аралык уюмунан Японияга чакыруу алдык. Ал жактан азыр менин эң жакын досум болуп жүргөн Гүлмира Казакунова эже менен тааныштым. Андан коомдук бирикмени кантип ачуу керектиги жөнүндө сурап, ойлорун угуп, өзүмө жакшы бир дем-күчтөрдү алдым. Алгандан кийин 2008-жылы 19-декабрда “Назик кыз” коомдук бирикмеси түзүлдү. Элестетиңиз, ачылганда эле Борбор Азияда өтүп жаткан Борбор Азия мүмкүнчүлүгү чектелген аялдардын форумуна чакыруу алдык. Жаңы эле түзүлгөнүбүздө Борбор Азия форумуна чакыруу алышыбыз биз үчүн дагы да алдыга карай өсүүгө, аракет кылууга дем-күч берди. Ушинтип олтуруп ишибиз кайнап, жакшы жүрүп кетти. Аз да болсо аткарылган ишиң, кичине болсо да сени колдогон адамдардын бар экени бул эң жакшы нерсе экен.



### 15-16 жашымда коомдук бирикме тууралуу ойлоно баштадым

Мен 5-6 жашымдан баштап эле коомдук бирикмелерге мүчө болуп киргем. Майып балдардын ата-энелеринин “Арди” деген ассоциациясы бар болчу, ошондо мүчө болуп иштедим. 15-16 жашымда коомдук бирикме тууралуу ойлоно баштадым. Кийин “Ардиден” бөлүнүп чыгып, өзүбүзчө коомдук бирикме ачтык. Ошол мезгилде ата-энемдин, жакындарымдын колдоосу да өзгөчө пайдасын берди.

### Кыйынчылыктын артында жеңилдик бар

Жашоодо ишиң болуп турганы бул жакшы нерсе. Себеби жашоодогу кыйынчылыктар, көрө албастык жөнүндө ойлонууга убактың да жок болуп калат. Алдыга умтулууга, максатыңа жетүүгө аракет кылып жашап каласың. Мурда кыш мезгилдеринде иштеп жүргөндө кээ бир адамдардын “келбей эле койбойсуңарбы, азыр суук, кыйналып каласыңар, анан иштейсиңер” деп айткан күндөрү болду. Бирок биз суукка карабай келип иштечүбүз. “Кыйынчылыктын артында жеңилдик бар” деген сөздүн чындыгы бар. Ошондогу кыйынчылыктар минтип жемишин берип жатат.

### Айлык маяна бара-бара өзү келет

Кайсы учурда коомдук бирикме иштебей калат? Бул нерсени ар дайым эске сактап жүрүш керек. Эмне себептен коомдук бирикмени ачтың эле? Ушул нерсени эч качан унутпоо керек. Ал эми айлык маяна бара-бара өзү келет. Эгер сен кесибиңди, жасап жаткан иштериңди сүйсөң, анда бул да сен үчүн жетишкендик жана жакшы нерсе.

### Иш баштаганда чытырман токойго кирип калгандай болосуң

Кайсы эле жумуш болбосун, жаңы баштап жатканда сөзсүз кыйынчылык болот. Эгер сезимдер менен карай турган болсок, чытырман токойго шамы жок кирип баратkандай болосуң. Бирок ошондой учурда коркуп кетпей, артка кайрылбай, алдыга гана кетүү керек. Баштадыңбы, демек аягына чык. Ошол ишти баштаганыңдын өзү сени ошол ишти алып кете алганыңдын белгиси экенин билүү маанилүү. Менде “Баштаган ишиңдин өтөөсүнө чыгуу” деген принцип бар. Бул нерсени мен ар дайым колдонуп келем.



### Кытайда эки гана нерсе бар, окуу же үйүңө кайтуу

Кытайга барып, беш ай окуп келдим. Ал жерде окуу же үйүңө кетүү деген эки гана нерсе бар экен. Ошондуктан тырышып окуганга аябай аракет кылдым. Ал жакта сенин тышкы турпатың маанилүү эмес, өзүңдүн окууңду, ишиңди так аткаруу керек. Аларга сен ооруп калдыңбы, төшөктөн туралбай жатасыңбы, эч кандай кызыктырбайт. Окуу програмалары дагы башкача болчу. Аны түшүнүп, өздөштүрүп кете албай кыйналып жүрдүм. Көрсө, мен окуганда эмес, ууканда жакшы кабыл алып, жакшы түшүнөрүмдү кийин билдим.

### Мен го окудум, башкаларчы?

Кичинемден эле балдардын жашоосун көрүп чоңойдум. Кийин орто жолдо калган кыздар, балдар эмне болот деп ойлоно баштадым. Макул, мен го окудум. Башкаларчы? Аларга эмне кызык? Мен кайра эле окугум келет, үйрөнгүм келет, көп нерсени билгим келет. Аягында майыптыкка тиешелүү жоболорду издеп, изилдей баштадым. Изилдеп келгенде кыздардын да үй-бүлөсүндө ар кандай кыйынчылыктар болот экенин жакшы түшүндүм. Ал финансылык, үй-бүлөлүк, бир туугандык жактан болушу мүмкүн. Ошентип башкаларга тирөөч болуу үчүн бул “Назик кыз” коомдук бирикмесин ачып калдык.

### Жасаган иштери

2011-2012-2013-жылдары удаасы менен Борбор Азия мода жумалыктарына катышып калдык. 2011-жылдан бери "Назик кыз" коомдук бирикмеси республикалык деңгээлде өткөрүлүп келе жаткан музыкалык фестивалдарга катышып келебиз. Бул фестиваль мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын арасында өтүүчү фестиваль. Жакында эле Нарынга, Ат-Башыга барып, тренингдерди өткөрүп келдик. Акыркы бир жарым ай ичинде эки чоң долбоор өттү. Бири – мүмкүнчүлүгү чектелген кыздар жана аялдар үчүн республикалык деңгээлдеги жайкы лагерь, ал эми экинчиси – эл аралык жайкы лагерь. Бул эл аралык жайкы лагерде Казакстандан келген Мервер Кулахметова экөөбүз тренингди толугу менен өзүбүз өттүк. Июнь айында Финляндияга Борбор Азиядан экиден адам барып, ал жактан окуп келген болчубуз. Ал жакта мүмкүнчүлүгү чектелген аялдардын билимин жогорулатуу максатында чоң долбоор болуп, ошол долбоорго катышып кайттык. Ал жактан окуп келгенден кийин тренинг өтүүнү өз моюнубузга алдык.

### Майыптыгы бар кыздар арасында фотосессия жүрүп жатат

Тренинг өтөбүз деп даярданып жүргөндө аябай коркунучтар, кооптонуулар болду. Себеби буга чейин мындай тренингдерге катышуучу гана болуп жүргөнбүз. Кийин бир ай бою даярдык жүрдү. Анан иш жүзүнө келгенде баары ойдогудай жана жакшы маанайда өттү. Азыркы учурда "Назик кыз" коомдук бирикмеси менен бул долбоордун уландысы болуп жатат. "Теңдик" коомдук бирикмеси биргелешип, майыптыгы бар кыздар арасында фотосессия жүрүп жатат. Ал сүйүү, романтика, бактылуу көз ирмемдер болушу мүмкүн. Жакында ошол сүрөттөрдөн календарь чыгарып, сүрөт көргөзмөсүн өткөрөбүз. Ал жерде “Назик кыз” коомдук бирикмесинин тиккен көйнөктөрү жана жасаган сумкаларынын көргөзмөсүнүн да бетачары болот.

### Келечеги кандай болот, ошону ойлонуу керек

Бул эл аралык лагерге жети облустан кыздарды чогултуп келдик. Кыздарды алып келүү ата-энесинин гана уруксаты менен болот. Мындай лагерлерге катышуу майып кыздар үчүн өтө маанилүү. Себеби ата-энелер кызым үйдө олтурса ага мен кепилдик бере алам деп ойлойт. Бирок чындыгында ошол жөжөдөй болуп корголуп олтурган кыз бир күнү чоңоёт. Анан сырттан туура эмес сөздөрдү угушу, мага жаман карады деген ойлорду ойлошу мүмкүн. Ошентип олтуруп ал кыз депрессияга кабылат. Ата-эне ал балдары үчүн өзүнчө бир сыйкырдуу дүйнө түзүп берет. Карап, багып, эч нерсе кылдырбай, көңүлүндөгүсүн аткарышат. Мындай жашоо алар үчүн убактылуу жакшы болушу мүмкүн, бирок келечеги кандай болот, ушуну ойлонуу керек. Адам алдындагы кандай кырдаал болбосун, ошого даяр туруп жашоосу керек.

### Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашыптыр

Бир ишти биринчи жолу кылсаң, коркуп жатып эле убакыттын баарын кетирип аласың. “Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашыптыр” деген жакшы сөз бар эмеспи. Ошондуктан сен бир ишке даярдандыңбы, демек ал сенин колуңдан келет.

**Ойлондурганы:** Жарандарыбыздын чет жакка көп кетип жатканы

**Кубандырганы:** Адамгерчилик сапаттын жогорулаганы

**Жашоодогу принциби:** “Иштин өтөөсүнө чыгуу”

Маектешкен
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жеңижок акындар поэзиясындагы классикалык үлгү



Мурда чыгармалары реакциячыл деп саналган Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Арстанбек сыяктуу залкарлардын эмгектери өз баасын жоготпой, жумурай журтка жетип, чыныгы калыс баасын алды. "Көздүү шакек жерде калбайт" деген сыяктуу бул залкарларыбыздын көркөм мурастары канча убакыт өтсө дагы мазмунун жоготпой, өздөрүнүн окурмандарын тапты десек жаңылышпайбыз. Гезитибиздин бул чыгарылышында актаңдай акын Жеңижок тууралуу кеп кылмакчыбыз

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

Мүлдө кыргыз-казакка өзүнүн философиялык, турмуштук ырлары менен таанымал акындар поэзиясынын өз заманындагы көрүнүктүү өкүлү ак таңдай акын Жеңижок болгон. Бул чыгармачыл инсандын көркөм мурасы совет учурунда бааланбай, көп убакыттар бою эски буюмдай болуп көмүлүп калган. Кайра куруунун шарапаты менен кыргыз жергесинде эгемендүүлүктүн жакшы жышааны сезиле баштады.

### Карыпчылыктан атактуулукка...

"Жел жетпеген Жеңижок, ак калпактуу кыргыздан айтышарга теңи жок"- деген сыпаттоого татыктуу болгон айтыш өнөрүнүн классиги Жеңижок (Өтө) Көкө уулу 1860-жылы Таластын Сарыкөбөн деген жеринде кедей-кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен боконо сөөгү ката элек кезинде айрылып, көрбөгөн азап-тозогу калбайт. Үч бир туугандын улуусу болгон. Жетимчилик, жетишпеген турмуш бала куракагы Жеңижоктун чыгармачылык потенциалын, анын дүйнө таануудагы көз карашын калыптандырган. Жугуштуу ала оорусунун кесепетинен киндик каны тамган жеринен куулуп, жер которуп кетүүгө аргасыз болот. Аксыдан жакшы адамдарга туш болуп, оорусунан таза айыгып кетет. Таякелери камкордукка алышып, Жеңижокту Наманганадагы медреседен окутушат. Дээринде бар зээндүү жигит окууну ийгиликтүү бүтүрүп, калк кызматына аралаша баштаган. Орустардын кыргыз жергесиндеги аймактарды административдик башкаруусун жөнгө салуудагы саясий компанияларга активдүү катышкан. Саясатта Сулайманкул датканын жандоочусу болгон. Өтө жаш курагынан баштап, өмүрүнүн акырына – 1918-жылга чейин Аксы районундагы азыркы Кызыл-Туу айылында жашаган.

Замандаштары Эшманбет, Токтогулдардын айтымында, "Жеңижок орто бойлуу, ак жүздүү, тегерек кыркма сакалдуу, толмочунан келген сулуу, колу ачык март, үйүнөн мейман үзүлбөгөн меймандос, ырдардын алдында бир күрсүнүп алып ырдаган адам болгон экен" деп эскеришкен.

### Жеңижок аталып калышы

Өтөнүн Жеңижок аталып калышы жөнүндө эл ичинде ар кандай аңыз кептер айтылып калган. Кеч күздө Өтө жоро-жолдоштору менен Наманганадын базарын аралап келе жатып, Кербендин базарына кайрылат. Айтылуу Нурмолдо акын калың элдин ортосунда дин, шарият, "тигил дүйнө" тууралуу төгүп ырдап жаткан болот. Жеңижок Нурмолдонун ырын ынтаа коюп, акырына чейин угат. Нурмолдо ырдап бүткөндө эки карысынан кемсел кийген жаш акын Нурмолдону урматтап, ыр менен салам айтып учурашат. Нурмолдого суроо артынан суроо узатат. Ошондо Өтөнү биринчи көрүп, ырын уккан калың эл: "Атаңдын көрү-эй, бу Жеңижок кыйын ырчы экен!" – деп дуу дей түшөт. Ушул окуядан кийин Өтө аты калып, Жеңижок деген ысымга ээ болот. Бул ат менен Жеңижок кыргыз-казакка таанымал болгон. Бирок айрымдар айткандай, Жеңижок Нурмолдону жер менен жер кылып салган эмес. Ал Нурмолдону өмүрү өткөнчө устатым деп баалап жүрүп өткөн дешет. Себеби Нурмолдо дагы өз заманындагы билимдүү, нускоочу акын болгон.

"Манас" баш болгон элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн мыкты билген, ошондой эле төкмөлүк өнөрдүн туу чокусуна чыккан Өтө айтыш өнөрүнүн өкүлдөрүнөн айырмаланып, сабаты жоюлган жана араб арибинде кат тааныган окумал адам болгон. Бул ошол кездеги жалпы массанын караңгы фонунда булуттан чыккан күндүн шооласы сыяктуу көрүнүш эле. Дүйнө, аалам жаратылыштын кубулуштары, метафизикалык кубулуштар тууралуу анын дүйнө таанымы чыгармачылыгындагы түгөнбөс мухит сыяктуу эле. Айтыш өнөрүндө сөзсүз түрдө алган билимине таянган. Турмуштук жана диний дүйнө тааным акынга түгөнбөс чыгармачыл багаж болгон. Жеңижок өзүнүн дастандарын, ырларын кагаз бетине түшүргөн. Анын:

*"Арманга толо муң калды,*
*Аз кыргызым окууга,*
*Ак куржун толо ыр калды.*
*Арманым айтсам жаманбы,*
*Аз кыргызым кат билбейт,*
*Ай, кантейин аңкоо кылган заманды"*, – деп өмүрүнүн акырында кейигени бар экен. Уфага Ак куржундун көзү толо ырларын китеп кылып чыгартам деп паравоздо кетип бара жаткан жеринен буржуазиялык февраль революциясы башталып кеткен. Мунун кесепетинен эл арасындагы чоң чуудан куржун толо ырларын жоготуп жиберген дешет. Жеңижок акын чыгармачылыгында төкмөлүк менен жазмачылыкты бирдей өнүктүргөн акын болгон. Анын жоголгон ак куржунунда кыргыз эли үчүн баа жеткис канча мурас жоголду деп бармагыңды тиштеп тынасың.

### Арстанбектин батасы

Жеңижок акынга өз учурунда олуя акын Арстанбек мындай баа берген экен:

*"Ырчы балам Жеңижок,*
*Сенде ырчылыктын кеми жок.*
*Ырдасан сөзүң нар экен,*
*Түбү терең ор экен.*
*Сени менен беттешкен,*
*Ырчылардын шору экен.*
*Айтышкан адам көр экен"*, – деп акындыгын жогору баалап, учурашканы келген Жеңижокко ак батасын берген экен. Арстанбектин батасы Жеңижокко чыгармачылыктагы эң маанилүү жолдомо болгон сыяктуу. Себеби Арстанбек төкмө өнөрүндө жана комузчулукта да алдына адам салбаган өз заманынын титандарынан эле.

### Корголдун Жеңижок тууралуу айтканы

Кийин Жеңижокко учурашууга барган Коргол Досуев:

*"Аксыдан чыккан Жеңижок,*
*Ак калпактуу кыргыздан,*
*Айтышарга тени жок...*
*Эки жаактуу пендеден,*
*Эрегишер теңи жок.*
*Элдин анык булбулу,*
*Элеп төккөн чени жок"*, – деп Жеңижоктун акындык дареметине башын ийген.

Жеңижоктун чыгармаларындагы түбөлүктүү темалар бүгүнкү күндө дагы өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Анын "Дүнүйө", "Аккан суу", "Санат", "Насыйкат", "Терме", "Замана" аттуу ырлары, Нурмолдо, Эсенаман менен болгон айтыштары акындар поэзиясынын классикалык үлгүсү бойдон калат. Анткени 20-21-кылымда бир дагы акын Жеңижок жеткен бийиктикке жете алган жок.

### Жеңижоктун ырларынын китеп болуп басылышы

Жеңижоктун ырлары алгач 1981-жылы Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмаларды жарыялоо бөлүмүндө даярдалып, Сулайман Кайыпов агай түзгөн "Эл ырчылары" жыйнагында жарык көргөн. Кийинчерээк 1982-жылы Жеңижоктун ырлары Айтматов жазган баш сөз менен өз алдынча китеп болуп, биринчи жолу жарыкка чыккан. Учурда көптөгөн илим адамдары анын чыгармаларын изилдөөгө алып, анын философиясына, турмуштук, адамдык позициясына баа берип жатышат. Бирок өткөөл кырдаалда реабилитацияга туш болгон Жеңижоктун чыгармалары атайын изилдөөлөргө татыктуу. Себеби соцреализмдин учурунда адабий сын, адабий процесс, адабият тарыхы мамлекеттик цензуранын көз алдында эле. Жетимиш жылдык тарыхта Жеңижоктун чыгармачылыгына чыныгы кайдыгер мамиле кылынган. Урматтуу окурмандар, Жеңижок атабыздын чыгармаларын окуп-түшүнүп, жан дүйнөбүздү байыталы. Анткени анын чыгармаларында биз азыктана турган руханий байлык бар.

## Дүнүйө

Асман, ай, жылдыз бүткөндө,
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараттың, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттың, дүнүйө.
Аял менен эркекти,
Жуп жараттың, дүнүйө.
Адамзаттын ичине,
Куп жараттың, дүнүйө.
Жан-жаныбар куйөнү,
Бут жараттың, дүнүйө.
Канаттуудан башкага,
Сүт жараттың, дүнүйө

Сайышып жоого киргенден,
Санатсыз нечен эр өткөн.
Адамдан артык туулган,
Ааламга салган чуулган,
Атабыз Манас шер өткөн!.
Кайырма калпак кийгенден,
Кайрылбай жоого тийгенден,
Кармашып жоону сүргөндөн,
Көкчө, Кошой, Алмамбет,
Чубак менен Сыргактай,
Көк жалдардай шер да өткөн!..
Эгини менен жер өткөн,
Найзасы менен эр өткөн,
Жер каптаган сел өткөн,
Жер жаңырып, эл өткөн!
Дүнүйө, кимди кармап калгансың?
Менменсинген пендени,
Жер койнуна салгансың!
Каран күн, бир өзүң балбансың!..
Ошол күндөн ушул күн,
Тоо бузулуп түз болду,
Ойротто жок иш болду.
Түз бузулуп тоо болду,
Кылымда жок иш болду.
Бел бузулуп жер болду,
Кара жер менен тең болду.
Буга күбө ким болду?
Асмандагы жайнаган,
Ай-жылдыз менен Күн болду.

# 2008-жылы өрттөнгөн учак дагы деле "түтөөдө"

Мындан 7 жыл мурун, 2008-жылы 24-августта каргашалуу окуя болуп, Бишкек-Тегеран каттамы боюнча багыт алган Боинг-737 учагы жерден 1000 метр көтөрүлгөндөн кийин кулап түшкөн. "Итек Эйр" компаниясына таандык учак Бишкектен Ирандын Тегеран шаарына багыт алган болчу



АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Учак көтөрүлгөндөн 10 мүнөт өткөн соң экипаждын командири техникалык бузулуулар тууралуу "Манас" аэропортуна билдирүү жасап, конууга уруксат алган. Бирок 1000 метр көтөрүлгөн учак коно албай, жерге катуу урунуп жалындап күйө баштаган. Андан соң жарылган. Бортто 90 адам болгон. Кыргыз өлкөсүнүн жарандарынан Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары жана баскетбол боюнча 17 спортчу болгон. Учактагы 68 адам каза таап, ичинде экипаж мүчөлөрү менен бирге 22 адам тирүү калып, жергиликтүү ооруканаларга жеткирилген. Каза болгондордун ичинде Иран, Канада, Түркия, Казакстан, Кытай жана КРнын жарандары бар болгон. "Үй-бүлөлөрүнө эч кандай компенсация төлөнбөй келет" деген бул окуядан каза болгондордун азыркы күнгө чейин соттошуп жүргөн жакындары төмөнкүлөрдү айтышты.

## Иранга окууга кетип бара жаткан сиңдим каза болду

"2008-жылы 24-августта Сакимбаева Нурзат аттуу сиңдим авиакырсыктан каза болду. Нурзат Бишкек гуманитардык университетинде окучу. Ал иран тили факультетинде билим алчу. БГУнун жакшы окуган 3 студенти перс тилин жакшы өздөштүрүү үчүн 1 айлык курска кетип жаткан болчу. Сиңдим 20 жаш кезинде кайтыш болуп кетти. Биз кечки сегиздерде аны узатып үйгө кеттик. Көрсө, учак биз кеткенден кийин жарым сааттан соң жарылыптыр. Эч ким бул тууралуу кабарлабай, биз учак жарылганын сыналгыдан көрдүк. Көп адамдар авиакырсыктан күйүп кеткендиктен, сиңдимди тааный алган жокпуз. Бизге анын сөөгүн ДНК аркылуу аныктап, чыгарып беришти. Сиңдим каза болгонуна 10 күн болгондон кийин гана куран окуттук. Сиңдим каза болгондон 2 жылдан кийин "Итек Эйр" компаниясынан 20 миң АКШ доллары берилди. Биз бул акчаны көп документтерди берип анан алганбыз. Учактан каза болгон жана учакта аман калган адамдарга бирдей акча берип койгону адилетсиздик болуп калды. Биз 7 жылдан бери соттошуп жүрөбүз. Жогору жактагылар 7 жылдан бери бизди жөн эле топ менен ойногондой тигил жакка, бул жакка баргыла деп ойноп жүрүштү. Алардын кайдыгер мамиле жасаганы өтө өкүнүчтүү. Эгерде бизге керектүү жана бериле турган акчаны бербесе, анда биз мындан кийин деле соттошо беребиз",- деди көзүнө жаш алган маркумдун эжеси **Бактыгул Бегалиева.**



## Итек Эйр компаниясы дагы деле иш алып барууда

"Күйөөм Талантбек Касымбеков Иран ислам мамлекетинде 10 жыл дипломат болуп иштеди. Анын жумушу элчиликке байланыштуу болчу. Менин бир кызым жана 3 уулум бар. Учурда балдарым бойго жетип калды. Ал эми күйөөм каза болгондо экөө студент, экөө мектепте окучу. Балдарды окутуу, үйлөнтүү абдан оор болду. Мен балдарыма башында 900 сомдон, кийин 2500 сом пенсия алып жүрдүм. Күйөөм кайтыш болгондон кийин 3 жумушта иштеп, Борбордук Азия Америка университетинде (АУЦА) окуган уулумдун 2500 доллар окуу акысын төлөчүмүн. Биз Транспорт жана коммуникация министрлигине байланышканда каза болгондорго көбүрөөк акча беребиз дешкен. Бул айтылган сөздүн баары унутулуп, ошол бойдон кала берди. Бизге алар Варшава конвенциясы боюнча материалдык жабыр тарткан үчүн 6 миллион 660 миң сом, моралдык жабыр тарткан үчүн 500 миң сом беришмек. Бирок бизге 20 миң доллар гана берилди. 7 жылдан бери соттошуп жүрөбүз. Соттошкон сайын авиакырсыкты эстеп, көп ооруп, ден соолугубуз да начарлады. Муну мындай кырсык башынан өткөн адам гана түшүнбөсө, кырсыкты көрбөгөн адам түшүнбөйт. Канча маалымат жыйындарын өткөрдүк. Бирок эч кандай жыйынтык болгон жок. Өлкө, өкмөт башчыларына кайрылганыбыздан да эч кандай натыйжа жок"- дейт маркумдун аялы **Альмира Касымбекова.**



## Итек Эйр компаниясынын директору азыркы күнгө чейин жашынып жүрөт

"Бул каргашалуу авиакырсыкта көз жумгандардын арасында менин дагы балам бар болчу. Ал Кыргыз Республикасынын баскетбол боюнча курама командасында ойночу. Азиянын тандап алуу турнуна кетип бараткан. Балам ал мезгилде 17 гана жашта болчу. Биз бул кырсыктан каза болгондордун атынан келип атабыз. Алар жумушунан же материалдык себептен улам маалымат жыйынга келе алышкан жок. "Итек Эйр" авиакомпаниясы каза болгондордун жакындарына компенсацияны бербей жатышат. Биз өлкө башчыга, депутаттыкка келип аткан талапкерлерге кайрылып, жардам сурап отурабыз. Сот аткаруучулар эч нерсе кылган жок. Биринчи май райондук сот аткаруучуларынын жетекчисинин кебетеси "силер эч нерсе ала албайсыңар" дегенди билдирип тургансыйт. Пугачёв аттуу жаран өзүн "Итек Эйр" компаниясынын юристимин деп тааныштырган. Компаниянын негиздөөчүлөрүнүн бири Пугачёв "Бул баракка кол коюп берип койгула, биз силерге акча төлөп беребиз" деп айткан. Туугандарын, балдарын, күйөөсүн жоготкондор кайгырып жоктоп атса, ал учурдан пайдаланып, документтерди көтөрүп алып, кол койдуруп жүрдү. "Итек Эйр" компаниясынын юридикалык дареги бар. Бирок жабык, директору жашынып жүрөт. Биз "Малакут" компаниясынын юридикалык дарегин таптык. Бирок ал жердеги адамдар биз бул жерди жөн гана кайтарабыз деп айтышкан. Документте "Итек Эйр" компаниясынын пилоту бул авиакырсыкка күнөлүү деп айтылган. Пилот кырсыктан каза тапкан адамдардын бүлөлөрүнө айтылган сумманы төлөп бере албайт. Кырсыктан мерт болгон адамдарга жана тирүү калган адамдарга бирдей 20 миң доллар акча төлөнүп берилди. Биз бул акчаны кантип камсыздандыруу боюнча компенсация деп айта алабыз. "Итек Эйр" компаниясынын жетекчиси Привылыгинанын атынан бул кырсыктан жабыр тарткан жана каза болгондорго 20 миң доллар акча төлөндү"- деди маркумдун атасы **Александр Макарчук.**



## "Компенсация төлөнсүн" деген чечим чыккан, бирок акча берилген жок

"2008-жылы 24-августта авиакырсыктан менин бир тууган карындашым каза болгон. Райондук, шаардык жана Жогорку сот болуп отуруп, 7 жыл убакыт өттү. 2015-жылы 20-апрелде Биринчи май райондук соту ""Итек Эйр" авиакомпаниясы жабырлануучу адамдарга 5 миллион 465 миң жана 500 миң сом моралдык компенсация төлөнсүн" деп чечим чыгарган. Бирок акча берилген жок. Юстиция министрлиги бул компанияны иштеп атат деп айтып жатат. Бирок алардын азыр кайсы жерде жайгашканы белгисиз. Бул учакта кырсык учурунда 90 адам болгон, анын ичинен 66 адам каза тапкан. Калган адамдар жаракат алып, пилоттордун баары тирүү калган. Башка чет өлкөлөрдө компенсация 20 миңден 200 миң долларга чейин төлөнөт. Бизге ушул күнгө чейин бир тыйын дагы төлөнгөн жок. Арадан 7 жыл өтүп, сот чечим чыгарса да сот аткаруучулар аткара албай жатат. Сот "Биз эч нерсе кыла алган жокпуз" деп, документтерди өзүбүзгө кайра кайтарып беришти. Бул себептен журналисттерге кайрылып жатабыз", - деди маркумдун агасы **Мыктыбек Турдуев.**



*Биз "Итек Эйр" учак компаниясына баруу үчүн расмий сайтында жазылып турган номерлерге эки күн бою чалып, байланыша алган жокпуз. Расмий сайтында Чүй көчөсү, 128-үй деп жазылган дарекке атайын жолугуу үчүн барсак, "Итек Эйр" компаниясы жок экен. Анын жанында жайгашкан учак компанияларынын бирине барып, аталган компанияны сурасак, "Итек Эйр" аттуу компания бул жерде иштебейт деп билдирди. Ошол себептен биз гезит бетине жабырлануучу тараптын оюна гана орун бердик. Бул компания чын эле иштегени же жашыруун иштегени белгисиз бойдон калды. Жабырлангандар изи табылбаган компания менен дагы канча жыл соттошорун эч ким билбейт.*



# Тажиктин ыкташуу соодасынын өзгөчөлүктөрү

"Исламдык коркунуч" шылтоосу менен кызыл кулактык кылган Тажикстандын президенти Москвадан жеке бийлигин сактап калууга кепилдик алуу жан алакетине түштү. Бул тууралуу чыгыш таануучу, Жакынкы жана Орто Чыгыш өлкөлөрү боюнча эксперт Игорь Кондратенконун пикири



Сүрөт ▸ RIA Novosti

Белгилүү бир тарапка ыктоосун соодалоо чыгыштын саясий элиталары үчүн көнүмүш адат болуп калган. Фергана өрөөнүндөгү анча-мынча олуттуу маселелердин баары эртели-кечпи жергиликтүү таасирлүү оюнчулардын тигил же бул маселе боюнча алган орундары канчага турат деген суроого такалат.

Бул жергиликтүү менталитеттин өзгөчөлүгү. Ал боюнча саясатчы эң биринчи кезекте өзүнүн, экинчиден, уруусунун, үчүнчүдөн, өнөктөштөрүнүн кызыкчылыгын көздөйт. Андан соң өзүнө тиешелүү аймакта көзөмөлдү сактап калууга аракет кылат. Андан соң гана колу бошоп калса, аны менен келишим түзүп жаткан тараптын кызыкчылыгына көңүл бурат.

Бул схеманын алкагында Тажикстандын Жогорку сотунун 29-сентябрдагы Тажикстандын исламдык кайра жаралуу партиясын (ТИКЖП) террорчу уюм деп тыюу салуусу логикалык жактан кынтыксыз көрүнөт. Эң эле кеч дегенде 2007-жылдан бери ишке ашырылып келген ТИКЖП баш болгон бардык активдүү оюнчуларды саясий талаадан сүрүп чыгаруу аракетинин долбоору "Кохи Миллат" президенттик сарайында иштелип чыккан. Ушуну менен 1997-жылы Москвада тажик өкмөтү менен Бирдиктүү тажик оппозициясынын ортосунда түзүлгөн тынчтык жана макулдук келишимине кол койгондорду мыйзам сыртына сүрүп чыгаруу аягына чыкты. Учурда мыйзамдуу талаада саясий иш алпара алчу атаандаш калган жок. Ич жылыткан олжо катары мурун атаандаштары көзөмөлдөп келген бир нече каржы булагы да колго тийди.

Албетте, Рахмон жана анын тегерегиндегилер чыныгы маселе эми башталарын билип турушат. ТИКЖПнын борбордук жана аймактык бөлүмдөрү талкаланганы менен аларды колдогондор арбын. Алар тез арада көмүскөгө кирүүгө мажбур. Бул адамдардын биригип радикалдашуусу көп убакыт албайт. Эми Рахмон менен табакташтарына "өлкөнү ойлоо" маалы, б.а., кол алдындагы аймакта көзөмөлүн сактап калуу учуру да келди. Бул сырткы оюнчулар менен ыкташуусун соодалоо дегендик.

Азыр Рахмон өзүн Москвага "исламдык коркунучка", "Ислам мамлекети" деген уюмдун Орто Азияга тарап кетүүсүнө каршы Тажикстандын коопсуздугу менен туруктуулугунун жападан-жалгыз сактай алчу кепил катары сатуу жан алакетине түштү. Албетте, ошону менен бирге эле белгилүү бир саясий жана финансылык мүмкүнчүлүктөрдү үмүт кылуу шарты менен кайра-кайра ачыктан-ачык ЕАЭБге кирүүгө каршы эместигин кайталап келүүдө. Иши кылса, Тажикстанды башкарып жаткан топ сунуштап жаткан нерсе жөнөкөй эле. Керек болсо, өлкөсүнүн көз карандысыздыгын чектөө менен орустардын аскердик-саясий кызыкчылыгын кеңейтүүгө каршы Рахмон менен анын жакындарынын бийликте калуусунун кепилдигин берүү. Эми мынча болгон соң тажик тарап жергиликтүү экономиканы каржылоону Москва өзүнө жүктөйт деген үмүттө. Албетте, ошол эле кезде өлкөсүнөн бул убакка чейин саап келген кирешесинин эң азы ушул калыпта сакталып калуусу керек.

Ошентип суктугу жана саткындыгынан улам чыныгы коркунучка кабылган бийликти колдон чыгарып жибербейин деген элитанын орус тарапка жакындоосу соодага түшүп турат. Мындайлардын ыктоосу кичине каңырсып кеткенсийт. Тажикстандын туруктуулугу региондун олуттуу факторлоруна кирет. Ошондуктан соодалашуу орундуу. Бирок Рахмон коюп жаткан шарттар үстүндө соодалашуу мүмкүн эмес.

# Путин Сирияны мээлеп, Европаны уруудa

Гезитибиздин экономикалык серепчилеринин бири Мурат Койлубаев доллардын куну арта баштаганда Россия эртеби-кечпи доллар менен мунайдын баасынан улам Сириядагы чатакка аралашууга мажбур болот деп айткан эле. Батыш прессасы 30-сентябрда башталган Россиянын интервенциясы тууралуу эмне дейт?



Батыш прессасынын Россия тууралуу кабар жана жорумдарында жаңы чыйыр пайда болду. Адатта Москванын саясатына каршы чыгып, Кремлди сындап келген батыштык ЖМКлар Владимир Путиндин Сирия жортуулу батыш саясатчыларын дүрбөлөңгө түшүрдү деп белгилешкен. Батыш журналисттери Владимир Путин өзүнүн натыйжалуу аракеттери менен европалык жана америкалык жетекчиликти ыңгайсыз абалга калтырганын моюндашкан.

Сириядагы күчүн арттыруу менен Путин Жакынкы Чыгыштагы абалын гана эмес, Европадагы экинчи фронтун да күчтөндүрүп жатат. "Суук согуш" аталган тирешүүдөн кийин калыптанып калган европалык коопсуздук системасын уратуу Путиндин негизги стратегиялык максаттары катары каралып келген. Америка менен Европанын күчтүү трансатлантикалык биримдиги Кремль үчүн көп ыңгайсыздыктарды жаратып келет. Пикирин улам алмаштырган Вашингтон Путиндин чечкиндүүлүгү менен салыштырганда ага европалыктар менен америкалыктардын ортосуна калың шынаа урганга шарт түздү.

Акыркы айларда Европа Сириядагы кагылышуулардын эпкинин жон териси менен сезе баштады. Алардын өкмөттөрү качкындардын агымын каякка багыттарын билбей турушат. Андан сырткары Европада төрөлүп, Жакынкы Чыгышта согушуп жүргөн жихадчылардын кайтып келүү коркунучу да бар. Мунун баары өкмөттөргө каршы коомдук пикирлерди жарата баштады. Адамдар Сирия маселеси боюнча бийликтегилери так жана даана ордун билдирүүсүн талап кылышууда. Француздардын көпчүлүгү сириядагы араздашууга кирип, "Ислам мамлекети" (ИШИМ) делген кылмыштуу топко сокку урууну талап кылып жатканы сурамжылоолордон билинди. Британ эли бул согушка небак кийлигишкен өкмөтүнөн жердеги согуш операцияларына кирүүнү талап кылууда.

Эгер орустар өз көз карашын таңуулай алса, Американын дүйнөлүк лидерлиги ревизиялана баштайт. Европа өкмөттөрүнүн Сириядагы кагылышуу башталгандан бери Вашингтонду жактоого сарпталган саясий капиталдары Сириянын президенти Башар Асадды кетирүүнү эмес, ИШИМ менен согушууну биринчи орунга коюну талап кыла баштагансыйт.

Орустар Сириядагы аскердик күчтөрүн колдоно баштагандан бери Чыгыш Украинадагы кагылышуунун оту сыйкырдуу таякча менен өчүрүлгөн сыяктуу болуп жалп этти. Эгер Украинадагы абал ушул калыбында кала бере турган болсо, европалык лидерлердин өз элине сириялык көйгөйдү чечкенге жардам берип жаткан өлкөгө эмнеге экономикалык санкцияларды улантуу керектигин түшүндүрүү үчүн көп эмгек жумшаш керек болуп калат. Санкция режимин сактап туруу Европанын өзүнө кымбатка түшүп атканы аз келгенсип, Евробиримдиктин бөлүнүүсүн шарттай баштады. Европанын ишкерлери менен калкын Украинадагы конфликт кызыктырбай калды. Санкцияларды кармап туруу чечкиндүүлүгү бошоңдогон сайын Путинге жакшы болду. Санкциялардын толук алынуусу анын кайра эл аралык ак сөөктөр клубуна кирип, өлкөсүнүн экономикалык акыбалын оңдоого шарт түзөт.

Европанын либерал пикирдеги өкмөттөрүнө мындан да коркунучтуу белгилер келе баштады. Акыркы учурда элдин купулуна толо баштаган популисттик, улутчул жана Евробиримдикке көзүнүн төбөсү менен караган партиялар орустардын пропагандасын жакшы өздөштүрүп, өз тарапташтарына жеткире баштады. Россияга жана жеке Путинге болгон көз караштар Европа мамлекеттеринин ички саясий көйгөйүнө айланууу алдында турат. Улуу Британиядагы Найжел Фараж жана Франциядагы Марин Ле Пен сыяктуу радикал саясий лидерлер эбактан бери эле ИШИМге каршы Путин менен биригүүгө чакырып келишүүдө. Путин Европада анын салттуу баалуулуктарына коркунуч келтирген башаламандык менен бузукулук көк салып кеткенин айтып, мындай пикирлерди колдоп келет. Өзүн ким экенин унутуп бара жаткан Европада орус лидеринин сөздөрү үндөштөрүн таба баштады.

Бетти даярдаган ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Ы.Медербеков: Аттын үстүндө да акылдуулук керек

"Кыргызда ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот" деген жакшы сөз бар. Күлүктүн күлүктүгү, саяпкердин саяпкерлиги сынала турган ат чабыштарда чабандестер да маанилүү орунду ээлерин тана албайбыз. Бул ирет ат жалында шамалдай ойногон чабандес жигиттерибиздин бири Медербеков Ыманбек чабандестик өнөргө саресеп салып берди



**–Алгач кандайча чабандес болуп калганыңызды айта кетсеңиз. Жылкы баласы менен иш алып баруу кызыкчылыгыңыз беле же бул жөн гана кокустукпу?**

– Бул кызыкчылык деп ойлойм. Анткени кенедейимен ат үстүндө чоңойгон балдардын бириминн. Ата-энем мал менен тоого чыгып жүргөнүнө байланыштуу атамдын аркасынан калбай артына учкашып алып, жардам берип жүрчүмүн. Бала кезимен атка кызыгам. Жашоом жылкы менен байланышкан десем болот. Алгач айылдарда ат чаап жүрдүм, кийин Нарында бир чоң той болгондо ошол жердин кожоюну көрүп калып, ата-энемен сурап алып кеткен. Азыркы иштеп аткан жериме абдан кубанам. Бул аябай эле жетишкендик деп ойлойм. Жылкы баласын абдан жакшы көрөм. Кичинемден аттын аркасынан агарып-көгөрсөм деп ойлой берчүмүн.

**– Чабандестик өнөрбү же кесиппи? Деген чабандестик жөнүндө жалпы түшүнүк берип өтсөңүз.**

– Чабандестик өнөр да, кесип да деп ойлойм. Кээ бирөө чабандес десе эле оңой ойлой берет. Аттын үстүндө шамалдай ойнош үчүн да көп убакыт керек. Мындай ат үстүндө жүрө берген менен чаба келгенде кыйынчылыктар болот. Атты баары эле чаба бербейт. Муну да өзүнчө ыгы менен чабыш керек. Чабандес деген күлүктү сезе билиши зарыл. Аттын үстүндө да акылдуулук керек. Ал эми ат чаба турган күн келгенде атайын формабызды кийип даярданабыз. Чабаарда саяпкерибиз келип, "Бул жерден мындай чапкыла,тиги күчтүү атты карай жүргүлө" деп, кеп-кеңештерин айтат.

**– Бул кесипте же өнөрдө эмне өзгөчөлүк бар?**

– Бул да өзүнчө эле бир талант деп ойлойм. Жумушубуз менен сыймыктанабыз. Элдин астына чыкканда көпчүлүктүн сүрү болот, ат да, чабандес да толкунданбай койбойт. Ачыгын айтканда, жаңы чаап баштаган кезимде аябай эле сүрдөчүмүн. Анан бара-бара тескерисинче эл сүрөгөн сайын шаңданат экенсиң. Сүрөөнчүлөр кубаттаган сайын ошончолук кызыйбыз. Өзгөчөлүгүнө токтолсом, айылдын аттары кашаңыраак болот, улам-улам камчылап минебиз. Бир колуң жүгөндө, бир колуң камчыда болот. Айылдагы атты чабасың, кайра-кайра теминесиң. Ал эми күлүк атты эрежеси менен минесиң, кайра-кайра темингенге болбойт, анда-санда эле бир катуу теминип коюш керек.

**– Атайын билим алуу же тажрыйба алмашуу тууралуу ойлоп көрдүңүз беле?**

– Башка жактан барып үйрөнүүнүн зарылдыгы жок деп ойлойм. Анткени бизди үйрөткөн саяпкерибиз Өмүралиев Керимбек ага убагында чет жактан билим алып келген киши. Саяпкерибиздин колунан баары келет. Ал таптаган күлүктөр далай мелдештерде байгелүү орундарды ээлеген. Бүгүнкү күндө аны тааныбаган киши жок. Керимбек ага бир эле убакта чапканды да, таптаганды да бүт үйрөтөт. Саяпкерим баарына үйрөтө бербейт, үйрөткөн адамга гана үйрөтөт. Ал кишинин окуучусу болуп калганыма абдан кубанам жана ар убак рахматымды айтам.

**– Ар бир эле жигит аттын кулагы менен тең ойной албаса керек же чабандестик атка минген ар бир кыргыз уулунун колунан келчү ишпи?**

– Атка минем деп максат койгон бала тынбай келсе үйрөнөт деп ойлойм. Аракет кылса, берекет. Күнүгө келип жан талашса өздөштүрөт. Ал эми ар кайсыны кыялданып, бир күнү ат минип, бир күнү башка жакка кетсе, анда үйрөнө албайт деп ойлойм. Чабандестердин көпчүлүгү кичине чагынан ат минген балдар. Көбүнчө айылда ат, эшек минип чоңойгон балдар чабандес болушат. Шаардык жигиттер бул өнөргө көп кызыга бербейт деп ойлойм. Негизи баланын дээринде болсо, бул иш колунан келет.

**– Алгач чабандес, анан машыктыруучу, бара-бара саяпкер болуп кетишет экен. Сиз чабандестикти канчага дейре аркалоону ойлоп жатасыз? Бул жумушуңуз бүткөн соң сиз да саяпкер болууну ойлоп атасызбы?**

– 28-30 жашка чейин чабандестик кылсам деген максатым бар. Жакын аралыкка чабуу жана жорго салыш менен кетсемби деп ойлоп жатам. Саяпкеримен дагы көп нерсени үйрөнгүм келет. Убагы келгенде Керимбек ага бизди өзү бөлөт. Мына ошондо саяпкеримдин батасы менен узагым келет.

**– Иш учурунда жаракат алсаңар компенсация төлөп беришеби? Же тескерисинче күлүк мүдүрүлсө жоопкер бересиңерби?**


– Бизде иш учурунда жаракат алсак, бул жактан жетекчилерибиз карайт. Ооруканага жаткырып, дарыларыбыздын баарын алып берет. Чапкан аттыбыздын мүдүрүлүшү кокустук да. Спортто ар кандай болот, ким эле сүйүп минип аткан аргымагынын бутун талкалагысы келсин. Атайылап карасантайлык менен жасабаган соң жетекчилер унчукпайт.

**– Биздеги ат оюндарында эрежелер канчалык деңгээлде сакталат? Чабандестер арасында чыга турган күлүктү тосмой, камчылашмай бар дешет. Бул кырдаалда кантесиздер?**

– Бизде эреже жакшы эле сакталат деп ойлойм. Одоно болбосо да, майда эреже бузуулар болушу мүмкүн. Азыр чабылып бара аткан күлүктөрдү видео камера менен карап турушат. Бирөөгө бут тоссоң, өзүң мелдештен четтетилип каласың. Чычкы буудандын багын байлабайт. Ат сүйлөй албаса да каргышы эки эсе тиет. Саяпкер "Күлүктүн багын байлап албагыла , мындайча чапкыла, атты да аяп, сезип чапканга аракет кылгыла" деп үйрөтөт. Кайсы кырдаалдан кандай чыгышты билип калдык.

**– Чабандестик менен жетиштүү каражат табуу мүмкүнбү? Бул иштин артынан үй-бүлөнү багып кетсе болобу?**

– Бул кесип менен эле бала-чаканды багып кетсең болот. Ишенимдүү бир гана жерде иштесең, ошол жерден агарып-көгөрөсүң. Ар кайсы жерге конуп, улам бөлөк жердин атын чапкан бул туура эмес деп ойлойм. Турукту иштебегенден кийин кудай да ченеп коёт да. Бир жерде иштеп, ошол жердин ысыгын-муздагын, урушун-талашын көрүп, жашоосун түшүнгөндө адам ишинен баар табат деп ойлойм. Жумушка чыдабаган адам үй-бүлөсүн бага албайт.



**Толук аты-жөнү:** Медербеков Ыманбек
**Туулган жылы:** 20.12.1996.
**Туулган жери:** Нарын облусу, Нарын району, Эмгек-Талаа айылы
**Бою:**161, **салмагы:** 47 кг.
**Минген аргымагы:** Зайка

**– Кайсы күлүктөр эсиңизде калды? Аларды мүнөздөп берсеңиз.**

– "Изабелла", "Зидан", "Залкар", "Тахарма","Солнушка","Таңсулуу" деген күлүктөр чабылган. Мен убагында "Изабелланы" чапкам. Ушул күлүк менен "Орок" деген айылда жаракат алгам. "Изабелла" куу күлүк болчу. Ал эми "Солнушка" аябай жоош болгону үчүн аны жакшы көрчүмүн. "Пентагон" деген атактуу жорго бар болчу, кыялы чортураак болгону эч кимди жанына жолотчу эмес.

**– Ат оюндары үчүн эң ылайыктуу аянт жана мезгил кайсыл?**

– Атты иштетүүгө эң жакшы мезгил – жай. Кышта жер тоң болуп, атты иштете албайсың. Анткени бир аз катуу чапсаң жыгыласың. Ошол себептүү аттар кышында чабылбайт. Жалаң машыгуунун үстүндө болушат. Кар калыңдаганда машыгууну баштап, Нооруздa өтүүчү ат оюндарына даярдана баштайбыз. Күлүктөр чуркай турган жерде бурулуштар жайыгыраак болгону жакшы. Анткени күү менен бара жаткан атка бул кыйынчылыкты жаратат.

**– Кенедейиңизден жылкы менен жүргөнгө аттын сырын беш манжаңыздай билсеңиз керек. Жалпы жылкы баласын кандай мүнөздөмө бересиз?**

– Аттын сүйлөбөгөнү эле болбосо, калганын бүт түшүнөт. Канчалык катаал мамиле жасасаң, ат да ошондой жооп кайтарат. Жылкы деген кичинекей бала сымал, алдасаң тез эле алданат. Өлөр-өлгөнчө жылкы баласы менен жүрсөм деп кыялданам. Башка жумуштар мени канааттандыра бербейт. Мен жылкы баласы менен канааттанам. Ат адамдын канаты дегендей эле, ат мен үчүн аябай кымбат. Негизи бут атты жакшы көрөм. Бирок эң жакыным – "Зайка". "Зайка" кайсы маалда ойнойт, кайсы маалда эркелейт, кайсы маалда үркөт, бүт билип турам. Ойногусу келип турганда жүгөндү салсаң тиштегилеп эркелейт. Кыял көрсөтөрдө жүгөн салдырбай, өзүнүн бөлмөсүндө ары-бери басып айланат. Негизи атка камчы салбаш керек, зарыл учурда гана бир эки эле камчы салып коюу керек.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА



# Ким көбүрөөк кызганат?

**1. Кызганыч деген эмне?**

Бир тараптан япондор айтмакчы, кызганыч – бул сүйүүнүн жаны. Бул эки адамдын бири-бирине болгон жакындык сезими. Ошондой эле көрө албастык, өзүн сүйүүчүлүк жана жакын адамына ээлик кылганын да билдирген сезим. Муну менен ал адамдан кол жууп калуу, алыстап кетүү коркунучу болот.

**2. Кызганыч кантип пайда болот?**

Айбандар деле кызганат эмеспи. Бул – инстинкт, бирок адамдарда бул сезим тарбияга жараша болуп, негизинен жаш куракка жараша өөрчүйт. Жаш бала канчалык сүйүлгөнүн сезсе, өзүнө болгон ишеними, өзүн-өзү баалоосу да ошончолук жогору болот. Мындай балдар бир туугандарын кызганбайт жана чоңойгондо да кызганчаак болбойт. Бирок өтө эле тентек, эрке балдар да кызганчаак келишет.

**3. Ким көбүрөөк кызганат – мырзаларбы, айымдарбы?**

Кызганыч анын күчү эмес, пайда болуусу менен айырмаланат. Аялдар чыдамкай келгендиктен, кызганганын анчалык билдирбейт. Бирок алар айлакер жана митаам болушат. Эркектер ачык-айрым, тайманбаган болгондуктан, адатта алар ошол абалды көзөмөлдөп, ошондой эле экөөнүн мамилесине басым көрсөтүп, үстөмдүк кылгысы келет.

**4. Кызгануу канчалык деңгээлде туура?**

Сүйүү канчалык күчтүү болсо, адамдын бири-бирине болгон жакындыгы ошончолук бекем болот. Ал эми канчалык коркунуч көп болсо, ошончолук жоготуп алуу коркунучу арбын болот. Албетте, чөнтөк текшерүү, болбогон эле нерселерди ойлоп, бири-бирин текшерүү, көзөмөлдөө ашыкчалык кылат. Эгер конкреттүү түрдө шегиңиз болсо, бул башка кеп. Чыр-чатак, согуш чыгарбай бардык нерсени өз орду, түшүнүү менен эле чечкен оң. Жубайлардын биринин алдап кетүүсү, көзүнө чөп салуусу алардын бирөөсүн депрессияга учуратышы толук мүмкүн. Бул нормалдуу көрүнүш. Бирок жанын кыюу же өзүнөзү жазалоо, өзүнө зомбулук жасоо психикасынын бузулгандыгынын белгиси болуп саналат.

**5. Кызганычтын болбошу эмнени билдирет?**

Бири-бирине болгон катуу ишеним, чыдамкайлыктын же керт башынын камын ойлобоочулуктун, ошондой эле жоготуп алуу коркунучунан коргонуп өзүн кармоосу. Кээде өзүнүн күнөөсү болгондуктан же өтө эле кызыгуусу болбогондуктан да болушу ыктымал.

**6. Кызганыч сезиминен «айыгып» кетсе болобу?**

Ашыкча эле кызгануучулукту психотерапиянын жардамы менен айыктырууга болот. Бирок бул көпкө созулат. Кызганычтын себеби башкалардын жүрүм-турумунан эмес, көбүнчө эле адамдын өзүнөн болот.


**7. Кызгануунун айынан жасалган кылмыш кечиримдүүбү?**

Психологдордун көз карашында кызганычтан чыккан зордук-зомбулук аныкталган эмес. Юристтер адатта кызганыч абалы (туталануу, ачуулануу) күнөөнү жеңилдетет дешет.

**8. Кызганычтан жаман болбоо үчүн эмне кылуу керек?**

Чыр-чатакты болтурбоо үчүн бири-бириңиз менен «укуктарыңыз жана эркиндиктериңиз» тууралуу сүйлөшүп алыңыз. Бири-бириңиздердин сырларыңыздарды өтө эле чукуй бербеңиздер. Бирок курбу-курдаштарыңыз, иштеги жамаатыңыз жана тааныштарыңыз жөнүндө баарлашыңыз. Актанбоого аракет кылып, өзүңүздүн укугуңузду колдоно билиңиз. Мисалы, курбуңуз менен жолугууга, сүйлөшүүгө аракет кылыңыз. Сизди коркутуп-үркүтүп, көзөмөлдөөдө аны жеңе билиңиз. Күтүлбөгөн бир эле кучактоо, жылуу сөз, кичинекей белек же көбүрөөк маани берүү, назик болуу сүйүүнү жоготуп алуу коркунучун бир топ азайтат.

# Кимге жасанат?



Мындай бир кеп укканым бар. Аялы чачылган үйдө өңү-башы жүдөңкү тартып, эскилиги жеткен халатын кийип, бир жагынан жоолугу жарым-жартылай шыпырылып камыр жууруп жатат. Бир убакта эшиктин коңгуроосу шыңгырайт. Кызы аяш атасы экендигин билдирет. Анда апасы:

– Ачпай коё тур, бети-башымды оңдоп алайын, – деп шашкалактап жасанып түзөнө калат.

Аяшы шашылыш эле келгенин айтып, досу жок болгондуктан кайра тез эле кайтат. Бир аздан кийин кайра коңгуроо. Апасы:

– Кызым, эшикти карап кой.

– Баратам, апа.

– Ким экен?

– Атам.

– Аа.

Апасы жасанып да, күзгүгө каранып да койбойт.

Мына ушул окуяны укканда чын эле аялзаты өзүнүн жолдошуна жароокерленип жасанбаса, башкага көрүнүүнүн кереги эмне деген ой келет. Өзүнө жакшы көңүл бөлүп сулуулугун, жанда жок назиктигин күйөөсүнө гана арнап, күйөөсүнө гана жасанса. Албетте, башкалардын көзүнө да жүдөңкү көрүнбөстөн, тыкан, таза жүрүү зарыл дешизчи. Бирок күйөөсүнө өзгөчө жагымдуу, жакшынакай көрүнүү, аны сыйлоо, түшүнүү, сүйүктүү жубайы боло алуу эч кимде жок назиктик, жакындык, сулуулук менен түбөлүк өмүр сүрүүгө неге болбосун. Башка бирөөгө жасангандын канчалык деңгээлде туура экендигин ар ким өзү салмактап көрөөр. Эркек көзү менен сүйөт дешет эмеспи. Айымдар көбүнчө турмушка чыккан соң мурдагыдай өзүн карабай калышат. Бул мырзалардын башкаларга көз салуусуна түрткү берет. Сыртта кандай гана куурчактай болгон кыздар бар... Ажырашуунун негизги бир өзөгү да ушул болсо керек деп ойлоп коём.



# Шахматтын пайдасы

Баланы шахматка үйрөтүү менен анын сабактарына, муну менен бирге мүнөзүнө жана коомдук жашоого болгон көз карашына оң таасирин тийгизет. Шахматтын мааниси илим, маданият, спорт, цивилизациянын тарыхы менен байланыштырылуусунда, интеллектуалдыгы, адамга жана коомго жарамдуу, пайда келтиргендигинде. Анда «мээнин гимнастикасы» аталган шахматтын адамга тийгизген таасирлери тууралуу кеп козгомокчубуз.

1. Акылдын өсүүсүнө оң таасирин тийгизет.
2. Анализ-синтездөөнү үйрөтөт.
3. Стратегияны өнүктүрөт.
4. Жаратмандыкты өстүрөт.
5. Сүрөттөрдү эске тутууну жакшыртат.
6. Оюн убактында көп эле жинденбөөгө, токтоо болууга үйрөтөт.
7. Кыялдануну, фантазияны жана пландоону жакшыртат.
8. Атаандашына урмат көрсөтүү.
9. Маселе чечүүдө, кыйынчылыкта жол таап кетүүгө.
10. Ой жүгүртүүсү жакшырат.



## Асыл ой берметтери

Жалгыз аба, жарык жана достун сүйүүсү калган болсо эч качан кайгырба...

Жашоо – өчүргүч колдонбой сүрөт тартуу искусствосу.

Бактылуу болуунун же болбоонун 90 пайыз кепилдиги өмүрлүк жолдошту туура тандоодон көз каранды.

Жасаган нерсенин «аттиңи» убакыт менен унутулат, бирок жасай албагандын «аттиңи» эч качан эстен кетпейт.

Адамдын эң жакын досу кыйынчылыктары, себеби ал адамды күчтөндүрөт.

Эч качан жаңылышпаган адам, жашоонун эң чоң катасын жасаган адам.

Тал шамалды кечирсе да, бир жолу сынган...

Жашоодо жасала турган ушунчалык көп нерсе бар дейсиң, бир катаны кайра-кайра жасоонун мааниси калбайт.

Гүл берген колдо дайым гүлдүн жыты калат.

Аялдын жана китептин сырткы келбетине карагандар жаңылышат.

Эркек бала аял алгыча, кыз өлгөнгө чейин бала.

Ар бир сөзүң чын болсун, бирок ар бир чындыкты сүйлөөгө акың жок. Ар бир сөзүң туура болсун, бирок бардык акыйкатты сүйлөгөн да туура эмес.

Жакшы бир үй-бүлө куруу эки нерсеге байланыштуу, биринчиси дурус адамды табууга, экинчиси дурус адам болууга.

# Ишкерлер жаңы парламенттен эмнени күтүшөт?



Бул суроого экономика илимдеринин доктору Жумакадыр Акенеев, 5-чакырылыштын депутаты Улукбек Кочкоров, "Кыргызстан" партиясынан Улук Кыдырбаев жана Эл аралык ишкерлер кеңешинин аткаруучу директору Темир Ажыгуловдор жооп беришти

ЧОЛПОНАЙ ЛАТЫПЖАН КЫЗЫ

Жаңы шайланган парламент ишкерлер чөйрөсүнө кандай шарттарды түзө алат деген суроо туулат. Президент А.Атамбаев Эгемендүүлүк күнүнө карата сүйлөгөн сөзүндө: "Кыргызстан ишкерлерге жакшы шарттарды түзгөн эң ыңгайлуу өлкө болуш үчүн өкмөт менен парламент бардык шарттарды түзүп, керектүү мыйзамдарды кабыл алышы керек. Ким ишкерлик менен алектенүүнү кааласа, алар үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлүшү зарыл. Анткени салыктар ошол ишкерлерден келет. Кимдеким инвесторлордун жана ишкерлердин иштөөсүнө бут тосо турган болсо, ал өлкөнүн, улуттун душманы. Кыргызстан келечекте бизнес үчүн шарты бар эң ыңгайлуу өлкө болот. Кыргызстан ишкерликтин бейиши болуш керек. Учурда ишкерлер жаңы түзүлгөн парламенттен тиешелүү мыйзамдарды иретке келтирүүнү күтүшөт. Ошону менен катар жеңил шарттарды түзгөн мыйзамдардын кабыл алынуусунан үмүт кылышууда" деп айткан.

**Экономика илимдеринин доктору Жумакадыр Акенеев** бардык партиялар шайлоочулар менен жолукканда мыйзамдар тууралуу эмес, аткаруу бийлигинин милдеттеринен убада берүүдө дейт. Мындан улам келе турчу парламент ишкерлерге жакшы шарттарды түзүп берет деген сөз күмөн бойдон калат дейт. Ж.Акенеев: "Парламенттин эң негизги максаты жакшы мыйзамдарды кабыл алуу. Азыр партиялардын бардыгы эле убада берип жатышат. Жер-жерлерде партиялар газ жана башка кызматтын түрлөрүн сунуштап жатышат. Бул деле жакшы нерсе. Ал да болушу мүмкүн. Бирок ал үчүн партиялар кубаттуу, бай, бюджети чоң болуп, өздөрүнүн акчасына жасашы мүмкүн. Бирок мунун бардыгын шайлоого жетүүчү убадалар деп эсептеймин. Себеби ири-ири долбоорлор – ГЭС куруу, газ менен камсыз кылуу, кен байлыктарды иштетүү деген сыяктуулар өкмөттүн гана колунан келчү нерселер. Ал эми парламент болсо, ыңгайлуу мыйзамдарды кабыл алып, буга жол ачып бериши керек. Ишкерлер 5-чакырылыштагы парламенттен бир топ жаңылануулары, жакшы нерселерди күткөн. Бирок алар чеке жылыткан жок. Маалыматтар боюнча Жогорку Кеңештеги 120 депутаттын 63ү ишкер болгон. Алар ишкерлерди жакшы түшүнүп туруп, ишкерлерге жакшы шарттарды түзүп бере алган эмес. Салык кодексин жакшы маанайда өзгөртүү, инвесторлордун кызыкчылыгын коргоо сыяктуу мыйзамдарды кабыл алып берсе, ошол мыйзамдардын негизинде экономика да оңолуп, кредиттер берилет.

**Жогорку Кеңештин экономикалык жана фискалдык саясат боюнча боюнча комитеттин орун басары Улукбек Кочкоров:** Парламенттин негизги максаты – мыйзам чыгаруу. Бирок ошол мыйзамдар канчалык иштеп жатат дагы, коомго же ошол эле бизнес өкүлдөрүнө канчалык деңгээлде пайдасы же зыяны тийип жатат деп анализдеп карашы керек эле. Ушундай катаны кайталабаш үчүн жаңы парламент салык саясатына жаңы өзгөртүүлөрдү киргизип, ишкерлерге жаңы шарттарды түзүп берүү менен ишин башташы керек.

**"Кыргызстан" партиясынан Улук Кыдырбаев:** Өнүккөн мамлекеттерде ишкерлер чогулуп, уюмдарды түзөт. Ошол уюмдар ишкердин наразычылыктарын, сунуштарын бийликке жеткирип турчу көпүрө болот. Ошол аркылуу ишкерлердин бүт көйгөйлөрү чечилет. Парламент негизи күн сайын ишкерлер менен байланышып, маалымат алып турушу керек. Анткени Кыргызстандын экономикасын ишкерлер түзүүдө. Ал эми чечимди парламент өзү кабыл алуусу шарт. 5-чакырылыштагы парламенттен ишкерлер көп нерсени үмүт кылышкан эле. Бирок алар үмүттү актаган жок. Ишкерликке шарт түзүп берүүнүн ордуна тескерисинче ишмердүүлүгүнө тоскоолдуктарды жаратып жатышты. Биздин парламент өнүккөн мамлекеттерден келген инвесторлорго татыктуу шарт түзүп берип, аларды Кыргызстанга тартышыбыз керек. Кыргызстанга келген ишкерлерге кол тийбестик кепилдигин бериш керек. Салык тарабынан болобу, бажы төлөмдөрү жагынан болобу ишкерлерге жардам беришибиз керек. Учурда Кыргызстандын ЕАЭБге кириши менен мурда болуп көрбөгөндөй атаандаштыкка туш келип отурабыз. Дүкөндөрдөн белорусиялык быштактарды жейбаштадык. Шайлоодон кийин иш кандай боlорун мен толугу менен билбейм. Бирок чындыгын айтып кетейин, азыркы учурда абалыбыз оор. Соода такыр эле 60-70 пайызга токтоп калды. Курулуш тармагы да туруп калды. Кайсы тармакты карабаңыз, азыр бардык жерде эле кыйын болуп жатканы ачык эле байкалып калды. Шайлоодон кийин биздин улуттук валютабыздын курсу дагы төмөндөйт болуш керек деп ойлойм. Шайлоодон кийин бийликке кимдер келбесин, өкмөттү кимдер түзбөсүн ишкерлерге жардам берип, алардын ишмердүүлүгүн колдошу керек. Биздин парламентке бүгүн жаңылануу керек. Жаңы адистер келиши керек.

**Эл аралык ишкерлер кеңешинин аткаруучу директору Темир Ажыкулов:** Биз жалпы ишкерлердин көйгөйүн чечүү үчүн парламент менен иштешип жатабыз. Бүгүнкү күндө диалог бар. Ишкерлердин үнүн парламентке жеткирүү үчүн бардык аракеттерибизди жасап жатабыз. Жаңы парламент келе турган болсо, иштөө планыбыз кандай болот азырынча белгисиз. Бирок биз жаңы парламенттен көп нерсени үмүт кылып жатабыз. Курамында ишкерлердин абалын түшүнө билген, көйгөйлөрүн түшүнүп, убагында чече билгендер бар парламент келсе жакшы болмок. Анткени социалдык каржылоолордун баары салыктардан түшөт. Салыктар болсо, ишкерлерден түшөт. Ошол үчүн ишкерлерге жакшы шарт түзүүгө аракет кылуу керек. Биз парламент менен мыйзамдардын негизинде иш алып барабыз. Чыгарылган мыйзам ишкерге канчалык пайдалуу, анын иштөөсү боюнча маалыматтарды берип турабыз. Буга чейинки парламент менен жакшы иштешүүгө аракет кылдык. Бирок расмий негизде эч кандай платформа түзүлгөн жок. Көптөгөн маселелер саясатташып кетти. Бул да кызматташууга терс таасирин тийгизип жатты. Парламент ишкерликке тиешелүү бир мыйзамды кабыл алып жатканда ишкерлер менен кеңешип кабыл алса жакшы болмок. Анткени ал мыйзамдардын оң жана терс жактарын ишкерлер жакшыраак билет.

Ар бир тармакка, секторго тиешелүү өзүбүздүн оюбузду, өзүбүздүн концепциябызды же болбосо алардын түзгөн стратегияларына комментарий берип, оңдоп-түзөөгө сунуштарыбызды айтып турабыз. Бирок алар бизди канчалык угуп, канчалык деңгээлде кабыл алып жаткандыгы башка маселе болуп жатпайбы. Өкмөт тараптан болсун, Жогорку Кеңеш тараптан болсун, айрым маселелер кагаз жүзүнө келгенде биз күтпөгөндөй болуп таптакыр башкача чечимдер чыгып калат. Ошондуктан бул жерде ар дайым иштей турган диалог болушу керек. Сөзсүз түрдө сүйлөшө турган платформа болушу керек. Бирок көп учурда программалар айланып келип эле бир кишиге – премьер-министрге байланып калып жатат. Ушундан алыстасак болот эле. Саясий бирикме болобу, партия болобу келечекти бир топ жылга алдыга көрө билиши керек.



## "Саресепке" кытайлык боордоштон кат келди

Ассалому алейкум "Саресеп" порталынын жалпы жамааты! Сиздерге Кытайдагы бир боорлоруңуздардан салам! Мен Кытайда туулуп өскөн бир тууганыңыздар Төлөнтур Ыбырай уулу болом, КРнын акыркы жаңылыктарын күндө, маалында окуп көрүп турам. Кыргыз элимдин ар бир нерсесине кайдыгер эмесмин, сиздердин саресеп сайтындагы "Кабарым бар" бөлүмүндөгү макалалар абдан жагып жатат. Уруксат болсо ошол макалалардан тандап Кытайдагы кыргыздардын араб алфавитинин негизиндеги кыргыз жазуусунда Кытайдан жарык көрсөтүп, Кытайдагы бир боорлорго тартуулап турсам деп атайын кайрылып жатам. Сөзсүз түрдө маалымат булагы "Саресеп" экенин кошо эскертип алып жүрөм. Менин жеке "Каганат-инфо" маалыматтык түйүнүм бар. Кытайда "вичат" деген байланыш түйүнү абдан кенен жайылган элге, сиздер көп колдонгон Фейсбукка окшош, балким вичаттан кабарыңыздар бар. Ошол вичатта коомдук маалымат түйүнүм бар, атайы ачкамын жакында. Ошол жактан жарык көрүп турат, учурда 2000 колдонуучум бар, акырындап канча жүз миң колдонуучуга жетет деген үмүттөмүн. Сиздерден жооп күтөм, бекем ден соолукта болуңуздар, иштериңиздерге ийгилик!


*Сиздерди терең урматтап*
*Төлөнтур Ыбырай уулу*

# 3D дарылары

АКШнын санитардык башкаруу көзөмөлдөөсү 3D принтер аркылуу медициналык дары-дармектер басылып чыгышына уруксат берди. Бул дарылар эпилепсия оорусу, туталак (приступ) оорусу үчүн атайын белгиленген доза менен басылып чыгарылат.

3D принтер аркылуу чыгарылган дары-дармектер кадимки дарыларга окшоп ичилет жана бул дары сууга же башка нерсе менен аралаштырып ичкенде 1 секунддун ичинде эрип кетет.





# Жапон компаниясы адамдын бетин жасады

Real-f Co Жапон компаниясы адамдын жасалма бетин иштөөдө. Бул жасалма бетти келечекте пластикалык хирургияда колдонууга болот. Жергиликтүү ММКларда жазылгандай, жапон компаниясынын адамдын бетинин түзүлүшүнө окшотуп силикон менен жасап чыгуусу ийгиликтүү болду. Иштин биринчи баскычында жасалма бетти даярдоо үчүн атайын сканер аркылуу адамдын бетинин түзүлүшү, бетиндеги тактар, майда тешиктер, жана кан түтүкчөлөрдүн баары чоң макетке түшүрүлөт. Макетке түшүрүлгөн соң, 3D басылмасы аркылуу терилип, анын негизинде силикондон маска жасалат. Мындай моделди жасоо үчүн 2 жумадан 2 айга чейин убакыт кетет. Бул кызмат 300 миң иен турат.



# Таштандыны тазалоочу робот

Автоөндүрүүчү Вольво, Ренова компаниясы үч технологиялык университеттердин окуmuштуулары менен биргеликте таштандыны тазалоо үчүн атайын роботту иштеп чыгышууда. Эки дөңгөлөктүү робот, таштанды унаасынын бир топ жумушун жеңилдетет. Анткени робот таштанды челегин тазалап, өз ордуна коёт. Таштанды чогултуучу робот 2016-жылы жайында ишке киришет.





# Бионикалык кенгуру


Немец Festo компаниясы Bionic Learning Network долбоору менен белгилүү болуп келет. Айтылуу долбоор тирүү жандыктардын техникалык моделин жасайт. Бул жылы компания кенгуру роботту иштеп чыкты. Негизги максаты – жаныбарлардын секирүү жөндөмдүүлүгүн изилдөө.





# Электромобилдер үчүн заряддык бекет

Табиятты сакташ үчүн электромобилдерге атайын заряддагыч бекеттери коюлууда. 2016-жылы бул көрүнүш адаттагыдай болуп калат. АЗС-электро бекеттери учурда Toyota Prius унаасына гана ылайыкталган. Бул автоунаа электр бекеттен алган заряды менен 30 км гана жүрө алат. Бир аз кыйынчылык туудурган электр бекетинен толук зарядка алуу 3 саатты талап кылат.



# Ийкемдүү дисплей

Ийкемдүү дисплейди ар бир адам каалаcа керек. Анткени бул ийкемдүү дисплейди тоголоктоп бурап, гезиттей кылып оросо да болот. Мындай ийилме дисплей 1970-жылдары эле пайда болгон. Бирок учурда колдонулуп жаткан дисплейлердей жакшы сапаттуу сүрөт көргөзө алган эмес. 2016-жылы LG жана Samsung компаниялары дисплейлерин эң жакшы сүрөт көргөзө алуу менен бирге гезиттей оролчу ийкемдикке жеткире алат деген ишеним бар. Бул дисплейлерди кичинекей телефондон баштап, чоң сыналгыдагы чейин орнотсо болот. Ийилме дисплейлер, узак убакытка чейин колдонула берет.

Бетти даярдагандар
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ,
ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ









Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 6000
**Буйрутма № 2700**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.